
*Тургунбай Жумаев*

# СЕН БАР ҮЧҮН



Тургунбай Жумаев

# Сен бар үчүн



БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНН 00909201410021
№ 17029

«Бийиктик» – 2004

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4
Ж – 17

Жумаев Тургунбай,
Ж – 17 Сен бир учун. Ырлар. – Б.: Бийиктик, 2004. – 80 б.
ISBN 9967-13-122-5

Махабат, жаштар темасындагы ырлардан турган бул жыйнак автордун элүү жашына арналып чыгарылды. Китеп жаштарга жана жалпы эле окурмандарга арналат.

Ж 4702300100-05
ISBN 9967-13-122-5

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4
© Жумаев Т., 2004



*Жумаев Тургунбай 1954-жылы Тажикстандын Канибадам районуна караштуу Каракчыкум айылдык Кеңешиндеги Жийдели кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1974-жылы Ош désinститутун бүтүрүп, жогорку билимдүү кыргыз тили жана адабияты мугалими адистигине ээ болот. Мектепте мугалим, Баткен райондук билим берүү бөлүмүндө усулчу, тескөөчү, усулкананын башчысы болуп иштеп жүрүп, мектеп директорлугуна которулган. Андан кийин кайрадан райондук билим берүү бөлүмүндө тажрыйба жайылтуу борборунун башчысы болуп иштеп жүрүп, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орунбасары болуп дайындалган. 2001-жылдан бери билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Баткен райондук комитетинин төрагасы болуп иштеп келе жатат. Билим берүү жана кесиптик бирлик тармагындагы эмгеги бааланып, «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы», «Билим берүү жана*

*илим кызматкерлеринин профсоюзунун мыктысы» төш белгилери менен сыйланган. Ырлары жана публицистикалык макалалары басма сөз беттеринде жарыяланып келүүдө. Жергиликтүү басмадан 2002-жылы «Кумар көз» аттуу ырлар жыйнагы жарык көрүп, бул жыйнагы үчүн Курбаналы Сабыров атындагы сыйлыктын лауреаты болгон. Баткен областынын чыгармачыл инсандарынын «Жаңы дүбүрт» деген чыгармалар жыйнагын түзүп, жарыкка чыгарган. Быйыл Баткен районунун түзүлгөндүгүнүн 70 жылдыгына карата М.Орозбаев менен бирге жазган «Байыркы бабалар жеринде» деген китеби жарык көрдү. Колуңуздардагы жыйнакка автордун махабат жана жаштар темасындагы ырлары топтоштурулуп, анын өмүрүнүн 50 жылдыгына жана педагогикалык ишмердүүлүгүнүн 30 жылдыгына арналып чыгарылды.*

## ШИРИН ШИҢГИЛДЕРИҢ, МӨЛТҮРӨЙ БЕРСИН!

*Адабият айдыңын аркалаган адамдардын көркөм жан дүйнөсү ар кыл сыяктуу, алардын өз чыгармачылыгына болгон мамиле-алакасы да ар түрдүү: бирөөлөрү бар, бир сап жаңы ыр жазса аны окуп берүүгө ашыккан, бир даарысы бар, биртке жазган чыгармасын мезгилдүү басма сөзгө же өзүнчө китеп кылып жарыялоого шашыла жүткүнгөн, дагы бирөөлөрү бар, умтулбай да, умсунбай да, кудум өз кыямын, учур-пайитин атайлап чыдамдуулук менен күткөн кырагай саяпкер-мүнүшкөрдөн бетер сабырдуулуктун салтына ныгырылып, беттеген максатынан берендик менен тайбай, барар багытын көздөй талбай арыштап, жазар темасын жетегине жеткире тынбай иштей берет, иштей берет.*

*Дал ушул шарттуу классификациянын акыркы коомуна биз ылдыйда азыноолак алгы, жылуу сөз айтууга камданып олтурган алтынбешиктик акын жигит – Тургунбай Жума кирерин жүрөк заада болбой, кубанып айтса жарашат.*

*Турмушунда токтоо, кыт куйгандай зымпыйган, сөзүн салмактап орду менен айта билген, мүнөз-жоосуну боюнча өтө зирек да, кырагай да, назик да эмес, ал тургай коползой ар кылка таасир калтырган Тургунбайдын ыр түнөгөн жүрөгү ушунчалык назик, мүлдө жан дүйнөсү бүтүндөй сүйүү лирикасына чүмкөлүп калган, махабат тараналарын талыкпай ырдаган акын экендигин анын мындан эки жыл мурда жергиликтүү басмадан жарык көргөн «Кумар көз» аттуу ыр топтомун окуганда туюп, бир тамшанган жайым бар.*

*Мына ошол өзүм сыйлап, ичимден «Махабат Мажнуну» деп ардактап атаган акын үкамдин басмага сунуш кылганы отурган «Сен бар үчүн» аттуу ыр топтомунун жаңы кол жазмасын бир дем менен окуп чыгып, автордун өзү тандап, баш оту менен кириптенген сүйүү, ашыклык темасы боюнча чебердиги ого бетер өсүп, арышы артып кеткендигин баамдап-байкап, терең канагат алып сүйүндүм. Ыр саптарында кездешкен жаңы салыштыруулар, жаңы сөз айкаштары, жаңы табылгалар, жаңыча ой айтуу сыяктуу өзгөчөлүктөрдү акындын ыр ааламындагы алгылыктуу жетик көрөңгөсү, ишенимдүү, даңгал, адис кадамы катары баалоо эч ашыктык кылбайт.*

*Бир сөз менен айтканда, кыргыз поэзиясынын кыйырына бышып жетилген, тоборсугу толгон, каруусу каткан өзүнчө үнү, шоокум дабышы бар, даргөйү кең таланттуу акындын келгендигин коркпой-үркпөй жар сала берсе болот. Китепти өзүңүз барактап окуп таанышсаңыз, азиз окурманым, бул айткандарыбыздын акыйкат, дааноктүү экендигин сезип-туярыңызга бекем ишенем*

*Ал эми Тургунбай укама ак жүрөктөн каалоом бул: калемиң колуңдан түшпөй, карылык-парылыкты капарыңа албай, өзүң сүзүп бараткан сүйүү ааламында, махабат мухитинде адам заадасынын жан дүйнөсүнүн эң ширин лаззаттарын, купуя сырдуу ажайып кереметтерин даңазалап ырдап, окурман табитине кушкер гүлазык тартуулап, жаңы толгонуу-толкундарды карай талыкпай жиреп, чабак ура бер! Ошол арыштуу кадамыңда сага мыкты ден соолукту, сак-саламатчылыкты улуу жаратkандан тилеп кетем.*

*Ылайым эле назым дүйнөсүндөгү ширин шыңгилдериң мөлтүрөп, окурмандын дил ышкысын кытыгылап, дайыма суктанта берсин, Тургунбай ука!*

*Нууман Саади,*
*акын, жазуучу.*

# Обондуу ырлар

*Толоорумда купулуңа толо албай,*
*Коноорунда бутагыма коно албай,*
*Сүйүүнү да кылдык окшойт жүгармак,*
*Сен – Ак Мөөрүм, мен – Болотуң боло албай.*

## ОКУРМАНДАРГА

Ыр башаты – ырчы мөл булак,
Күүсүн чертип мөлтүр башаттын.
Шунча өмүрдү ырсыз коротуп,
Дил булакты муунтуп жашапмын.

Ыр дүйнөсү чексиз мухиттей,
Тамчысымын мен бир булактын.
Элден алып күүсүн канаттын,
Окурманым, сага сыр ачтым.

Ыр дүйнөсү түпсүз ааламдай,
Күүсүн угуп тунук башаттын.
Ырга айлантып аппак сүйүүнү,
Мен силерди келет жашарткым.

## ПАРВАНА КЫЛБА

Обону: *Зайирбек Султановдуку.*

Көз күйөт. Сылайм кыялда кара чачыңдан,
Кадырың шунча – калкымда сендей табылбас.
Өзүңө жетпей өзөгүм күйөт жалындап,
Бу тагдыр, билбейм, мынчалык неге мага кас?

Күн өтсө дагы, жыл өтсө дагы бөксөрбөс,
Коргошун сымал уюган ойдон жанчылам.
Менчелик эч ким баалабас сенин баркыңды,
Бактыма менин жаралып калган перизат.

Сагынчым күчөп, сарсанаам такыр арылбай,
Арзуудан тапкан жараатым өйүйт күч алып.
Менчелик эч ким баркыңды билбес деп жүрөм,
Пайсалга салып, парвана кылба мынчалык.

## ЖОЛУГУУНУ САМАЙМЫН

Обону: *Зулпукар Жаркыновдуку.*

Максатына жетпей калган махабат,
Арман болуп, күйүт болуп, ыр болуп,
Сенин гана атың менен жашоодо,
Сенден башка бир жан билбес сыр болуп.

Сага кандай? Өткөн күндөр мага азыр,
Кызыл көйнөк, кырк өрүм чач кезиңдей.
Ошентсе да жашап жаткан ар бир күн,
Сен бар кездин бир күнүндөй сезилбейт.

Унута албай, түк кыя албай жүрөмүн,
Көп сырга бай, сага кумар кезимди.

Медер тутуп, ыйык тутуп өткүм бар,
Сенден тапкан тунук, асыл сезимди.

Делөөрүтүп ал сезимдин кумары,
Бир көрүүгө, сыр чечүүгө жүрөк зар.
Дагы жакшы күндөрдүн бир күнүндө,
Жолугаарбыз деген үмүт, тилек бар.

Сага деген зор кумардын көчүндө,
Бир көрүүгө, сыр чечүүгө дегдеймин.
Дагы жакшы күндөрдүн бир күнүндө,
Сага дагы жолугамбы, билбеймин?..

## СЕН ЖӨНҮНДӨ ЫРДАДЫМ

Обону: *Мамажан Козубаевдики.*

Көзүмдө сен, көкүрөктө тунук ой,
Башка дагы аалам барын сезбестен.
Ырдай бердим жалаң өзүң жөнүндө –
Сага арналган, саргарбаган гүлдестем.

Жакын туруп, же жаныңа бара албай,
Же каш кагып, ымдоо жолун таба албай,
Көкүрөктө калып жатты көп ойлор,
Багышталып, жетпей калган саламдай.

Көздөн кетпей чымкый кызыл көйнөгүң,
Бир сен болуп ыйык мазар, ыйык туум,
Ырдай бердим жалаң өзүң жөнүндө,
Алганымды, балдарымды унутуп.

Ал ырлардын ыргагына катылган,
Ойлор сага жеттиби, же?.. Билбеймин.
Ачып салдым даргөйүмдү сага деп,
Түнттүк кетти, жарк деп тийген күндөймүн.

## ЖҮГАРМАК СҮЙҮҮ

Обону: *Равшан Абдуллаевдики.*

Туңгуюкка түртүп салды гөр тагдыр,
Айла жок бир от болуп жана албадык.
Шарактап бирге ойноп достор менен,
Тойлободук, тойлорго бара албадык.

Башка түштү машакат, тана албадык,
Мазасына сүйүүнүн кана албадык.
Көлөкөбүз жарашып бир-бирине,
Майрамдарда жанаша баса албадык.

Толоорумда купулуңа толо албай,
Коноорунда бутагыма коно албай,
Сүйүүнү да кылдык окшойт жүгармак,
Сен – Ак Мөөрүм, мен – Болотуң боло албай.

## УГАСЫҢБЫ?

Обону: *Мамажан Козубаевдики.*

Бүгүн бир ырдап берем угасыңбы?
Жылдыздай сени сүйүп калганымды,
Шунча өмүрүм өзүңсүз жалгандыгын,
Сага жетпей калуунун армандыгын,
Муңканып, ырдап берсем угасыңбы?

Сезесиңби, байкабай жүрөсүңбү?
Сен экениң күйүтүм, арман-муңум.
Сенсиз суум түгөнүп калгандыгын,
Селдей ташкан жүрөктүн арман ырын
Угасыңбы, сыр бербей күлөсүңбү?

Сени издеп келсем, мени угасыңбы?
Ай болуп, он бештеги айдай толуп,
Мандайың, маанайың да жарык болуп,
«Акылдан адашаарда акыл болуп
Берчи?» – деп келсем, мени угасыңбы?

## СЕНИН ЖЫЛУУ ЭЛЕСИҢ

Обону: *Бөрүбай Бабаевдики.*

Көзгө кантип түшө калдың, түшүнбөйм,
Каран түндө бир жарк эткен жарыктай.
Назданганың назик жыпар гүл сымак,
Кол жетпестей үнсүз гана талпынтты.

Ойго келбес, түшкө кирбес бир иштей.
Көздөрүңдөн арзуу – кумар таптымбы?
Атайылап, же балким, түк сезбестен,
Ортого сен от, жалынды чачтыңбы?

Сенден калган шок жалынга эрээркеп,
Жан дүйнөмдү кополураак ачтымбы?
Байкоо албай аяр, назик турпатың,
Таппай жатып качырдымбы бактымды?

Күтпөй-нетпей көзгө түшкөн бул элес,
Кандай гана сырдуу, аяр, аялуу!
Тагдырдын бул сыноосуна туш келип,
Жүрөк байкуш айыккыстай жаралуу.

Сен сезбеген, мен күтпөгөн ал күндөн,
Сезимде бир жылуу элес так калды.
Кийген сайын кооматыңа жарашкан.
Үстүңдөгү көйнөк кандай бактылуу!

# Сен бар үчүн аман турат бул дүйнө

*Сен бар үчүн кыялдарым тазарып,*
*Бир сени деп бүт жан дүйнөм мүшкүлдө.*
*Сен бар үчүн улам артып кызыгы,*
*Дүрт өрттөнүп кетпей жүрөт бул дүйнө.*

## СҮЙҮҮНҮН КЕЛИШИ

Оңдоп, түзөп бала кыял күлкүнү,
Таңкы желдей сергек жана сергилең,
Сезим козгоп, сүйүү келди бир күнү,
Кайдан-жайдан экендиги билинбей.

Жомоктогу пери болуп ай тунук,
Назы менен, сазы менен жүдөттү.
Көздөн кетпей кызгалдактай өрт элес,
Нак толтосун ээлеп алды жүрөктүн.

Башкаларга карап койсо күйүнттү,
Бир жарк этип, кайра дагы сүйүнттү.
Түшкө кирип, тынчымды алып уйку жок,
Эртеңкиден үзүлтпөдү үмүттү.

Сездирбеди башкаларга сыр катты,
Сөзмөр кылды, созолонтуп ырдатты.
Азоолукту, тентектикти качырып,
Жаралантып, жүрөктү да ырбатты.

Дене бойду титиретип, какшатып,
Ысык-суукка салып өңдөн азгырды.
Көкүрөктү тим койбостон кытыктап,
Кыялдантты, аппак ырлар жаздырды.

Аяр, назик, тунук сезим жык толгон,
Делбе кылган ырлар моокум кандырды.
Тартынуудан же бере албай ал катты,
Аппак кыздын китебине салдырды.

Арбап алып айдан тунук келбети,
Уурулукча кылчак, кылчак каратты.
Башка адамдар көзгө такыр илинбей,
Бүт бардыгын шол кыз үчүн жасатты.

Оңдоп, түзөп бала кыял мүнөздү,
Тоо желиндей сергек жана сергилең.
Сүйүү жашайт тыным билбес жүрөктө,
Канча жылдар өтсө дагы бүгүндөй.

## КҮЗГҮ ЭЛЕС

Айыл чети. Жамгырлуу кеч. Коңур күз,
Тунук сезим бизди арбап чакырган.
Жалгыз өрүк сүйүүбүзгө күбө өтүп,
Моюнума асылып сен сыр айттың.

Жолубузга түшүүчүдөй бириндеп,
Бариктери ошол жалгыз өрүктүн.
Көйкөлттү го көңүл кушун түптөгү,
Наз ийменген наз кыялың, сүйүктүүм.

Наз кыялың назик мукам күү эле,
Жан дүйнөмдү жалындатып термеле.
Өрттөп барат оожалгандан оожалып,
Ал азаптан кутула албай келем не?

Ал эч бир жан туйбай турган сыр беле?
Дилден чыккан өктөм аваз ыр беле?
Карегимден өчпөй дале жылмаюуң,
Күз жамгырын эстей берем күндө не?

Наристенин күлкүсүндөй кири жок,
Жылуу сезим жүрөгүмдү уялап,
Ыйманымдын сыноосунан буулугуп,
Унута албай келем сени, зиядам.

## ӨЗҮҢДӨН БАШКА КИМ ТУЯТ?

Айлуу түн. Айдың талаа. Жалгыз өрүк
Сүйүүбүздүн күбөсү. Балалыктын
Көзгө элестеп сүрөтү, кайра өчүп,
Көңүлдү куса кылып мунарыктайт.

Сүйүүм бөксө, өзүңсүз толбой калган,
Бөксөлүгүн канткенде толтурамын?
Оюнчугун жоготкон жаш баладай,
Уурдатып ал күндөрдү олтурамын.

Сен менин өксүгү көп өмүрүмсүң,
Ырымсың, ыргагысың көңүлүмдүн.
Сездирип, селт эттирип өтөт күндөр,
Өзүңсүз калпыстыгын өмүрүмдүн.

Арзуудан, сары санаадан сары зилдеп,
Жүрөктүн сансыз ырын жалбырактай,
Өзүңсүз какшаганын өзөнүмдүн,
Өзүңдөн башка дагы ким туя алат?

## АЙТУНУККА

Шербет, мурчу бирме бир аралашкан,
Жашоонун бекем кармап укуругун.
Баратсам миң түйшүктөн кол бошобой,
Жолуктуң, жоодурак көз Айтунугум.

Ырдадың периштенин үнү менен,
Сүйүүнүн ыйыктыгын, кымбаттыгын.
Сен турган Ай талаага кайрылууга,
Аттиңай, кырдан ашып калбадымбы!

Ырың менен майин бир миң ыргактуу,
Седептейим, сергиттиң жан дүйнөмдү.
Сыбызгыган кылкыяк макамында,
Ырыңдын булут болуп сүзбөдүмбү!

Серпилген сезимиңди жашыра албай,
Сергилең жаандай көпкө себелендиң.
«Мен эми кантемин ай!» – дедиң дагы,
Мелжеген багытыңа кете бердиң.

Сен кеттиң, сени тапкан күндөр калды,
Үзүлбөй күзгү үлбүрөк гүлдөр калды.
Буйругун буруму көп бул тагдырдын,
Биз билдик, билбегендер билбей калды.

Кулагыма жаңырып ырың калды,
Ырыңда айткан түпөйүл сырың калды.
Көңүлү таза, кейкелген кумар көзүм,
Карегимде элесиң тунуп калды.

Сен барда, сенин назик үнүң барда,
Сен барда, кайталангыс ырың барда,


инв № 17029

Кайыл болуп аялуу сезимдерим,
Кыялым алып учат өрүкзарга.

Өрүкзардын сапсаргылт бариктерин,
Сапырылтып барамын сары жолдо.
Тилегеним – жүргүнүң, жүзүм көзүм,
Таза бойдон, ак бойдон, назик бойдон.

## КӨЗҮҢДӨ КЕТТИ БИР ЭЛЕС

Сезимдер аяздагы бүчүр болуп,
Жанбирге жамалым жок үшүп түндө,
Көктөмдүн көркт ачкан шары менен,
Көздөгөнүм келерин күтүп жүргөм.

А көрсө, Сен деген бир кесел тийип,
Оорутуп азоо мүнөз жүрөгүмдү.
Туйбапмын албууттанган курч сезимге
Жеңдирип, токтоно албай жүргөнүмдү.

Күүгүмдө, жийде жыттуу кеч күүгүмдө,
Ак көйнөкчөн албырып аккуу сымал,
Жүрөгүмө жазды ала кирип келдиң,
Келгениң өзү жеткен бакыт тура.

Тагдырым туш кылган бул бакытыма,
Манчыркап, толуп-ташып кечте, таңда,
Төгүлүп кете жаздап мөндүр болуп,
Жүрүпмүн токтоно албай, кармана албай.

Сен менден издегениң көрө албастан,
Чарчатып көптү эңсеген үмүтүңдү,
Урунуп акыл-эстин аскасына,
Жүрөгүңө бек катып күйүтүңдү.

Тумчугуп тун сезимдин шарпасына
Сагыныч-муңду кучөткөн санаа менен,
Талаа кезип таң заарда куз жыттанган
Бейкунөө башың салып кете бердиң.

Көздөруңдө жылдыз жааган өрукзар,
Өрукзарда менин комсоо элесим,
Кете берди көз жашыңа чайынып,
Арсар болуп кайтып келер-келбесиң.

Өзумдун дуйнөм менен өзум болуп,
Бага албай бакытымды, тубөлук деп,
Байкабай аруулугуң, назиктигиң,
Мага деген ишеничиңди тугөттумбу?!.

Аруу жандын сезиминдей этият,
Бул ишарат сабак болуп өмурлук,
Аяп келем азабына жан чыдап
Сенден такыр калбаган бул көнулдун.

## СУЙУУБУЗ КАНДАЙ ГАНА ЫСЫК ЭЛЕ!

Максатыбыз, оо, кандай бийик эле!
А бугун калгандайсың бөлөк болуп.
Карайсың көзуңду шарт ала качып,
Башыңды болор-болбос ийип коюп.

Бирге жургөн кундөр кандай таза эле,
Аруу ойлорго чылап буткул сезимди.
Жалтактайсың, не жашынган, тушунбөйм,
Жалооруган карагаттай көзуңө.

Көңулдөгу гулдуу жаздан ажырап,
Унутулуп өткөндун баасы, баркы,

Калдыкпы артка кайтпас кайык болуп,
Жоготуп жоого алдырбас ынактыкты?

Кеттикпи ал күндөрдү унутуп, танып,
Көңүлдөрдү алоого, отко салып?
Экөөбүз эки жээкте калдыкпы эми
Экөөбүз кандай гана жакын элек!

Дале эсте кызгалдактай оттуу сезим,
Албырган эриниңден өпкөн кезим,
Көздөрүңдөн өзүмдү көргөн кезим.
Сүйүүбүз кандай гана ысык эле!

Күндө да, түндө дагы сен жөнүндө,
Ойлорум баягыдай тунук, жарык.
Баткан Ай нурун чачып чыгар кайра,
Экөөбүздү баягыдай ынак кылып.

Табышмак тагдыр кайра кезиктирер,
Кел, жаным, жүрөк отун чачыратып,
Кысайын көкүрөккө кысыратып.
Экөөбүз ынак элек ушунчалык!

## КАЙРАДАН ЖОЛУККАН СУЛУУГА

Кыялдарың канат сермеп, көкөлөп,
Көөдөн тиреп курч сезимиң – жакшы учур.
Жылдыз жааган өрүкзардын чолпону –
Кайталангыс периси элең, тунугум.

Күнү жарык, түнү жылдыз шоолалуу,
Ак, карасы айланкөчөк өмүрдүн.

Белесинде капилеттен туш келип
Тагдыр болуп кайра неге көрүндүң?

Эстен кетпей, түштөн кетпей тамшанткан,
Жаштыгыбыз өжөр, өктөм болуучу.
Максаттарды айдаткың бар шамалга,
Айдыңында тагдырымдын жолугуп.

Алдас урган дарыянын шарындай,
Зуулдаган бойдон күндөр өтүптүр.
А сен кайра кызгалдактуу талаага
Ымдайсың да, шаштырасың: «Кеттикпи?»

Жүрөгүмдүн күрү-гүүдөн дирилдек,
Ташпишке мол кылын аста черткилеп.
Кылактайсың кызыл жалын өрт чачкан
Алоо кезден шыбырт берип, эзгилеп.

Бар тобокел, кайра тапкан бактым деп,
Алыстарга кете берсем ээрчитип,
Айтылбаган, жазылбаган ыймандын
Мыйзамычы, тартибичи, тартиби?

## АРСАРЛЫК

Аягансып, боор ооруп жаткансып,
Сыбызгысы эсти кылып далба-дал,
Ырдап кирди, сыздап кирди токтобой
Өрүкзарды жерге ийилтип көк шамал.

Жашыл шамал, көгүш шамал, көк шамал,
Кай тараптан келдиң ойду азгырып?

Делбе болуп катып турам эс кетип,
Жандан өтүп жаштыгымдын тагдыры.

Чык-чык этип, чык-чык этип, чык этип,
Колумдагы саат да уурдап өмүрдү.
Жанымы жок табышмактай эртеңим,
А өткөнүм бир пул болуп сезилди.

Кайсы жерде, кандай алда жүрсөм да,
Маяк болгон максаттан кол үзө албай,
Жанды сабап,жанды үрөп келдим мен,
Же бере албай дурусураак шыралга.

Не жасадым? Кайталангыс ырысым –
Даңктап келем жаштык берген сүйүүмдү.
Алыс калган жашыл жээкке кайта албайм,
Мага карай жылбастыгы күйгүздү.

Жан дүнүйөң бүт берилип ыргакка,
Ырлар кана таң атканча бийлеткен?
Гүлдөр кана соолубастай кулпуруп,
Күлмүң этип сезимдерди дүрбөткөн.

Тоо башынан аста карап жылмайган,
Жылдыз сымал жылт-жылт этип кыялым,
Же даай албай келер күнгө сабырдуу,
Же кыя албай жашыл жээкти турамын.

## МЕН ӨЗҮҢДҮ ДАҢКТАП ӨТӨМ ӨМҮРДӨН

Айдыңы аз, арзуусу мол сүйүүнүн
Азабына чыдаган жан аз чыгар.
Баш отуңду коюп алсаң илешип,
Жөн койбойт түк, жан-жигериң жанчылар.

А башкасын билбейм, буга кепилмин –
Сен сырымсың өрмөк жиптей өрүлгөн.
Ыйманысың, ыргагысың ырымдын
Ак жаан болуп, ак сыр болуп төгүлгөн.

Өткөндү эстейм, анан дагы сени эстейм,
Жаштыгымдын байрагы элең көрүнгөн.
Сырымды айтып, өрүк болуп эзилип,
Бүт жан дүйнөм менен сага төгүлгөм.

Чый-пый чыгып, чындык үчүн жан үрөп,
Сага айтылган ушактарды төгүндөйм.
Ата-журттун аппак моюн ак кызы,
Мен өзүңдү даңктап өтөм өмүрдөн.

## СҮЙҮҮБҮЗГӨ НЕ КҮБӨ?

Сүйүүбүз ак, актыгына жылдар күбө,
Биз баскан кызгалдактуу кырлар күбө.
Айтылып да канчасы айтыла элек,
Буулугуп иште жаткан сырлар күбө.
Ай күбө шыкаалаган өрүкзарды,
Экөөбүз коштошо албай жаткан түндө.

## ТОРГОЙ БОЛУП ТИЛИМ КАТТЫ

Жарык нурлуум, жаңы аткан таңкы шоолам,
Мөлтүр булак күүсүндөй үнүңдү укпай
Өзүңдү эстеп, ээнсиреп, көкүрөк бош,
Журтунда жалгыз калган бир байкуштай.

Ширин бир кыялдардын кулу болуп,
Сезимдер шүүдүрүм жеп калтырады.

Мукамдуу сазыңа зар болуп жүрөм,
Моокумум ырдап качан кандырасың?

Жан кейип сагынычтын сары отунан,
Өзөгүмдөн өрт чыгып алсырадым.
Таңшыган торгой болуп тилим катты,
Чаңкоомду качан, кантип кандырасың?

## КЕЛЧИ, ЭРКЕМ

Келчи, эркем, кысайын кучагыма,
Түнттүк баскан сезимдер бир жандансын,
Каңына кан кошулуп, бир жылжысын,
Эки жүрөк бир согуп, бирге жансын.

Көрө электер көрсүн да, көзү кансын,
Уга электер уксун да, бир таңдансын.
Жаз демитип делөөрүп турган чакта,
«А жок» десең, билбедим кандай жансың?

Дүрт өрттөнүп жан дүйнө кетсе кетсин,
Бүтпөгөн соң арманы бул жалгандын,
Шу болгон соң акыры бакты издөөнүн,
Шу болгон соң буйругу жараткандын.

Келчи, жаным, кысайын кучагыма,
Бирге согуп жүрөктөр бир жыргасын.
Шарабынан сүйүүнүн бир шимирип,
Чаңкаган суусунубуз бирге кансын.

## ДҮРБӨТТҮҢ СЕЗИМДЕРДИ ТҮПКҮРДӨГҮ

Жан дүйнөм эңшерилип төгүлө албай,
Турганда туман каптап туш-тарабым.
Кыпкызыл көйнөк кийип кирип келдиң,
Көңүлүңдө кири жок кызгалдагым.

Миңден бир түйшүктөрдөн бошоно албай,
Жүргөндө сары санадан алыс, окчун.
Үмүттөрдү ойготуп, кайра дагы
Кайыптай кайкып учуп, жок болчусуң.

Кай жакта, кантип чыдап, кантип жүрдүң,
Карматпаган көпөлөк элес болуп?
Дүрбөттүң сезимдерди түпкүрдөгү,
Кылактап, кызгалдактуу белес болуп.

Бир күн да жүрө албадым сени эстебей,
Кайгычыл, жүрөк кантсин улутунбай.
Каныбыз бир тамырда аккан сымал,
Жүрүпсүң, жалжал көзүм, унутулбай.

Жаштык келди, көчөдө жашыл ыраң,
Арбытып алышсын деп армандарын.
Өрүкзар шыбыш айтат жерге ыргалып:
«Туш келген бакытыңдан кур калбагын».

Коротуп болор-болбос нерселерге,
Өрт, жалынын өжөр, өктөм жаштыктын,
Жете алдыкпы жашыл жээкке – максатка,
Жанды эргитээр жаштык ырын таптыкпы?

Мээни көзөп турган кезде терс ойлор,
Чоктой кызыл көйнөк кийип булактап,

Келгениң бул – таппаганы көнүлдүн,
Жүрү, кеттик, өрүкзарлуу кырааңга.

Бакытым болдуң, ырас, кайра тапкан,
Бороондуу белесинде өмүрүмдүн.
Чыктык анда сапарга, бар тобокел,
Табышып кайра минтип көңүлүбүз.

Сени менен кошо келген дүрбөлөң,
Жаз жамгыры, кеч күздөгү бурганак,
Жандандырат сүйүү ырынын ыргагын:
Тара - тара - тара - тара - тара – там!

## МОЙНУҢА МАРЖАН БОЛУП ТӨГҮЛГҮМ БАР

Көнүлүм жалгыздыктан бөксөргөндө,
Көздөрүң түндөсү учкан жылдыз болуп,
Карашың дирт эттирип аза бойду,
Жолуктуң жан дүйнөмө жөлөк болуп.

Карааның карааныма эгиз болуп,
Ойлоруң да кошулуп ойлорума,
Кайталангыс абалда жүрүптүрмүн.
Ал учур табылбастыр эми кайра.

Кана эми көздөн учкан жарык жылдыз?
Ордуна санаа калды түмөндөгөн.
Кусалыктан жалындайт бүткөн дене,
Ой басат кемибеген, түгөнбөгөн.

Сен баскан жолдун ар бир карышына,
Жамгырдай гүл өндүрүп төгүлгүм бар.
Чачымды бубак баскан шу кыямда,
Мойнуңа маржан болуп өрүлгүм бар.

## БИЗ ЭМИ ЖОЛУГА АЛБАЙТ ӨҢДӨНӨБҮЗ

Бала кезден жолуккан бул сезимдин,
Кадырына жетсек дедик, жетпедик.
Арасатта калтырбастан алдейлеп,
Көңүл калып, же түк безип кетпедик.
Кайта албадык багыттарды сындырып,
Сүйүүбүздү сүйүнтпөдүк кеч келип.

Биз эми жолуга албай өтөбүзбү?
Сезимдер апапакай бала бойдон,
Жерибиз айдалбаган талаа бойдон,
Эңсөөлөр ишке ашпаган санаа бойдон,
Кетпестен жүрөктү эзип арман ойдо,
Биз эми жолуга албай өтөбүзбү?

Биз эми жолуга албайт өңдөнөбүз,
Өзүңө өзүң ээ болуп кээ күндөрү.
Жашырып окууруңду ырларымды,
Атымды уксаң селт этип, сестең катып,
Сыр бербей жарыңа жарк күлөөрүңдү
Тымызын туюп, сыздап жүрөм, жаным.

Биз кайра жолуга албай калдык окшойт.
Жалганга уктап, узатып түндөрүңдү,
Өткөндү эстеп, мыйыктан күлөөрүңдү,
Багыштап сага жазган каттарымды,
Тумардай ыйык сезип жүргөнүңдү –
Бардыгын туюп жүрөм, тунук айым.

Биз эми жолуга албай калдык окшойт.
Түн күндү айныбастан ээрчигендей,
Жай күздү, а кыш жазды эңсегендей,
Кемпирдин окко учкан жалгыз уулу,

Күттүрүп, бирок такыр келбегендей,
Жолугуу бизге насип кылбайт окшойт.

Дайралар тоого карай акпагандай,
Жылдыздар саар чыгып, кеч батпагандай,
Абышка жигит болуп кетпегендей,
Ай Күндү кууп такыр жетпегендей,
Жолугуу биздин эми болбой калды,
Сүйүүнүн балтыр эти толбой калды.

Жолугууну пландан сызып салдык,
Аны биз аткарабыз кыялдарда.
Көрүшсөк да көрүшүп качанкы бир,
Саргайып сыны кеткен сүрөттөрдөн,
Кыңылдап сен ырдаган эски обондо,
Мен сага арнап жазган шул ырларда.

## КЫЯЛДАР КАЛА БЕРДИ КЫЯЛ БОЙДОН

Биз жүргөн жашыл ыраң кырлар кана,
Ырлар кана экөөбүз созолонткон?
Өзүңө жалаң ырдан кат жазамын, –
Деп максат кылган элем мен, космостон.

Ишке ашпастан балалык ширин кыял,
Боло албадым өзүңдүн космонавтың.
Өзүң көздөй, а бирок байыркы Оштон,
Конверттерге чапталып сырлар акчу.

Оштун азем гүлдөгөн багын алып,
Акбууранын ак булут шарын алып,
Сага карай канатын какчу каттар,
Баары барын, өзүңдүн жогуңду айтып.

Не калды жүрөктү эзип, чарт жарылткан,
Чексизге сиңип кеткен кур сезимден?
Башыңды ташка урсаң да бирикпестир,
Экөөбүздүн эки жакка кеткен издер.

Балапандай наристе баёо сезим,
Канаты сынып, өзү түшүп торго
Кашайтты, кайыштырды кабырганы,
Космос да кала берди кыял бойдон.

О-хоо! Анда ааламды ээлеп экөөбүз,
Сезимдердин гүлдөп турган чагы эле.
Сени билбейм, менин ошол күндөргө
Кайтып кетким келип жүрөт дагы эле.

Турмуштун ырдай жөндүү эместигин,
Бүт бойду өрткө салган мерестигин,
Жолондой сапка тизип ырдасам да!
Безилдеп өткөн күндөр келбес бүгүн.

Ошентсе да, өзүң мага таап берген,
Оттой ысык сүйүүнүн амиринен,
Жаралган саптарыма канат бүтүп,
Багышталып өзүңө тарайт желге.

Толкундап өткөн жаштык кайтпас артка,
Кайгырып, кылкыяктай сыздасаң да.
Туш келбейт сапарыңда тааныш ыргак,
Алдыңдан тосуп чыгат ыза гана.

## ЖАРК ЭТИП КОЙ

Ачуу, ыза тушап алган жүрөктү,
Өзүң сезбей өзүң берген азаптан.
Даамы ачуу, бирде таттуу кыйноо ал,
Ырахаттуу кечтери бар, таңы бар.

Алоолонуп сүйүүң сунган шараптан,
Жүрөк күйөт чыдай албай азапка.
Максат улуу – кызгалдактуу махабат,
Ага умтулуп, толкундоолор жарат таш.

Сен тартуулап, сен сунган ак сезимден,
Каниет таап, келбей калсаң, умсунуп,
Жашап жаткан ар бир күнүм – зор бакыт,
Үлбүрөк чач үмүтүмдү туу тутуп.

Кызгалдактуу белестин да сыры көп,
Кубанычы бар, шор таттырган ыйы бар,
Жарк этип кой, жанып турсун жылдызың,
Бар тапканым – сага арналган ырым ал.

## ЖАШОО

Күлкүбүз күлкүбүзгө окшошпосо,
А сүйүүбүз алоолоп от болбосо.
Бул жашообуз каяктан жашоо болсун,
Эки жүрөк бири-бирин жоктошпосо.

Мейман келсе эшигиң ачылбаса,
Дасторконуң кеңири жазылбаса,
Бул жашообуз каяктан жашоо болсун,
Бөбөк күлүп, күлкү үйгө чачылбаса.

## СЫРЫҢ КАЙСЫ?

Суу түбүндө таш болуп жылтылдайсың,
Пиялада чай болуп кылтылдайсың.
Кызыктырып назыңа жан дүйнөмдү,
Оттой тартып өзүнө кырсылдайсың.

Өмүр жолум чагылткан өңүмдөйсүң,
Кантсе дагы калбаган көңүлдөйсүң.
Бийлеп алып, бийкеч ай, бүт эркимди,
Кайып болуп кеткендей көрүнбөйсүң.

Өтүп барат өйдөлөп өмүр көчүм,
Кайда, качан болбосун көңүлдөсүң.
Ээлеп алып бир өзүң кыялымды,
Анан качан сыр болуп төгүлөсүң?

Баштап коюп бүтө элек ырымдайсың,
Эңсеттирип, жете элек кырымдайсың.
Качан канам назыңа, наз күлкүңө,
Түбү терең, купуя сырың кайсы?

## СЕН БАР ҮЧҮН

Аруу жансың, аруу сенин жан дүйнөң,
Ойлоруң да жаткансыйт тээ түпкүрдө.
Сен мен үчүн суусунумсуң канбаган,
Табышмактуу, жанымы жок сыр дүйнө.

Ааламда жок айдай тунук жамалың,
Алган мени биротоло туткундап.
Сендей аруу, сендей кумар көз үчүн,
Күйгүм келет оттой жанып учкундап.

Сөзүң ширин. Ууртуңдагы жылмаюу,
Жашыргансыйт не сыр барын түпкүргө.
Өзүң ширин, шириндигиң кыя албай,
Дүрт өрттөнүп кетпей жүрөт бүт дүйнөм.

Сен бар үчүн кыялдарым тазарып,
Бир сени деп бүт жан дүйнөм мүшкүлдө.
Сен бар үчүн улам артып кызыгы,
Дүрт өрттөнүп кетпей жүрөт бул дүйнө.

## ЫЙЫК СЫРДЫ САКТАЙ ЖҮР

Наристедей пакиза гүлүм элең,
Өзүң гана тааныган үнүм элең.
Айдын нурун жамынып үстүбүзгө,
Арзып жүрүп бир жеткен түнүм элең.

Ай жамалың багынтып айдай тунуп,
Сен деп жашайм дилим ак, оюм тунук.
Жараткандан миңден бир суранарым –
Тагдыр бизди кетпесин адаштырып.

Сүйүүбүзгө албайлы чаң жуктуруп,
Мукам үндү муунтуп тумчуктуруп.
Ыйык сырды сактай жүр ыйык бойдон,
Керек болсо гөрдөн да ыргып туруп.

## СЕНДЕ БАР

Сенде бар, сенин тунук көздөрүңдө,
Муздун бир сыныгындай күлмүңдөгөн.
Бир сыр бар башка адамга угулбаган,
Бир муң бар башка адамга билинбеген.

Сенде бар, сенин аруу келбетиңде,
Бир жыт бар башкаларга сезилбеген,
Бир ыр бар сен башкага ырдай элек,
Бир күү бар сен башкага черттирбеген.

Сенде бар, сенин назик ийменүүңдө,
Бир ыргак башка ыргактар тең келбеген,
Жүрөктү ээ-жаа бербей ээликтирген,
Кол шилтеп кеткен менен чектелбеген.

Мен дайым ал ыргактан эргүү алып,
Ак тилек, арзууга ашык албуут күчмүн.
Өзүңдү өзгөчө бир үмүт менен,
Өрүктөр сөйкө таккан кезден күттүм.

## ТАҢДАНУУ ЫРЫ

Көздү кара! Уялыңкы моймолжуйт
Мөлтүрүндөй майда жааган ак жаандын.
Желди уялтып, желге аста таранган,
Чачты кара жылтырындай калтардын!

Эриндериң аяр күлүп ирмелген,
Аппак жүзүң кудум өзү ак таңдын –
Берип салган бир өзүңө чебердеп,
Жаратканга мен таң калдым, таң калдым!

Тулку боюң эркин өскөн эликтей!
Кашты кара кетигиндей таңкы айдын,
Аппак, кызгылт, пушту жана кырмызы,
Көйнөктөрүң куп келгенин айтпагын.

Бул да азсынып назик ырды, наз үндү,
Берип салган бир өзүңө аянбай,

Жаратканга мен таң калдым, таң калдым!
Бул дүйнөдө барбы дагы арманың?

## КЕЛБЕЙСИҢБИ?

Адаштың, адашсаң да келбейсиңби?
Сүйүүдөн кусага жык көзүң менен,
Шекердей ширин, набат сөзүң менен.
Седептей тунук, таза сезим менен,
Сен мени сен деп издеп келбейсиңби?

Буулукпай, бир чечилип келбейсиңби?
Күңүрт тарткан ойлорду адаштырып,
Эңсөөдөн чыдам кетип саматтырып,
Бейкапар жүрөктү бир таң калтырып
Сен мага ишенип бир келбейсиңби?

## КУМАР ТОЛО ЖООДУРАП КӨЗҮҢ ТУРСА

Поезд. Тамбур. Шака-шака-шака-шак!
Чыга калдың мен түтүн үйлөп турсам.
Кудай аай, кайда жүрдүң бир туш келбей!
Калыптырсың жаралып башкача бир.
Сендей Сага жолукпай жүрөк куса.

Уялыңкы айтылып жатты сөздөр,
Карап, карап таанышып жатты көздөр,
Кете албастан тушалып бүттү буттар
Бул тамбурда мынчалык кандай кут бар!

Бу тамбурда, билбедим, кандай күч бар,
Кандай желе чырмады сени, мени?
Көздөр көзгө тартылып, аста-аста,

Акырындап жүрөктүн титиреги,
Басылууда кол, буттун калтырагы,
Көзгө ысык көйнөгүңдүн дирилдеги.

Сөздөр сөзгө уланды күлкү аралаш,
Токтобогон булактын шылдырындай.
Кыт куйгандай уялап жан дүйнөмө,
Муңайыңкы көз караш, ширин сөздөр,
Барпынын баа жетпеген ышкы ырындай.

Болду анан, баары өзүң болуп калдың:
Оюм дагы, муңайым күлкүм дагы,
Оңой олжом, эңсеткен мүлкүм дагы,
Ырдайын деп таппаган ырым дагы,
Айтайын деп айта элек сырым дагы.

Кумар толо жоодурап көзүң турса,
Ышкы арттырып, маралдай өзүң турсаң,
А жүрөктөр ээлигип, ээ-жаа бербей,
Максатына жете албай чүнчүп турса,
Убал кылып мен анан аруулукту,
Убайым жеп, а качан болом курсант?

Аттиң ай, неге ойлобой калдым шондо,
Поезд бул такси эмес экендигин!
Туш келген жерден тосуп чыгып алып,
Түшө калып ой келген жерден кайра
Ырыңды ырдап кала бере турган.
Аттиң ай, бир эстебей койгонумду айт!
Сен дагы неге эстетип койбодуң а?
Сен дагы бир эстетип койбопсуң да!

## ЖАЙЫЛАЙЫН ДАЛЫҢА

Мен өзүмдү такыр сенден бөлө албай,
Же өзүңсүз жалын чачып жана албай,
Көрүнбөстөн көзгө сүйкүм элесиң,
Көкүрөктү ойлор мыкчып, басам жай.

Ушундайда келчи, үзүлбөс үмүтүм,
Ак пейилден, ак маңдайың жарыла.
Эртең менен эрте туруп тараган,
Чачың болуп жайылайын далыңа.

## УНУТПА

Жадатты мени күдүк ой, ушак-айыңдар,
Мейли го дечи, кам сүттү эмген пендебиз.
Экөөбүз басчу жолдордун баары тосулган.
Кантебиз эми, кантебиз эми, кантебиз?

Булакка барчу чыйырды кеткен сел алып,
Кайрадан кантип салабыз ак жол, айтчы эми.
Бир жерде туруп, калдыкпы болбой санаалаш,
Кантебиз эми, кантебиз эми, кантебиз?

Жүлүнүм бошоп, жүлдүрөп турам өзүңсүз,
Жылт этип чыкчы нуруңду чачып булуттан.
Ансыз да жарым көңүлүң калсын көкөлөп,
Умсунта көрбө, умсунта көрбө, умсунтпа.

Бирге өткөн күндөр – тагдырда жаткан ак тактар.
Өнөрү чындык жаз келсе өнгөн уруктай.
Лаззатын татып, ырахат алган күндөрдү
Унута көрбө, унута көрбө, унутпа.

## ЭСТЕДИМ

Ай чыкты ай талаага мээрим чачып,
Алтын нурга чайылып эркеледик.
Ааламда жок айтунук көздөрүңдөн,
Акырын өпкөнүмдү бир эстедим.

Күн чыкты, күн нурунан дем, күч алып,
Күлүңдөп, күлкүгө мас эркеледик.
Күндү эстеп, чоктой ысык эриниңден
Кызганып өпкөнүмдү бир эстедим.

## АРУУЛУК ИЗДЕГЕН КҮЛҮКМҮН

Өткөн күн өттү, өкүмү калды жүрөктө,
Оңойлук менен унутта калбас күндөр ал.
Башка бир жанга көрүнө койбос жөн эле,
Жөндөн жөн эле үзүлө койбос жиптер бар.

Келчи бир, жаным, көктөмдө жаандай нөшөрлөп,
Жаңы эле туулган баламдай мени сүйүнтүп,
Азапта жүрүп, акыры бүгүн чыдабай,
Аруулук издеп, алкынып чыккан күлүкмүн.

## ӨЗҮҢ БОЛУП КАРАЙЫН

Билбейм, неге? Ушунчалык сагынып,
Сени, ардагым, унута албай койдум да.
Аралашып, элесиң бүт ишиме,
Эмнең гана болгум келбейт оюмда.

Өзүң менен күнү-түнү бир болсом,
Деген ойду кантип гана танайын.

Көздү уялтып, көркөмүңдү ашырган,
Кулагыңда сөйкөң болуп алайын.

Же эрте, кеч чачыңды аста тараган,
Болсом бекен чаң жуктурбас тарагың.
Чачың сылап, андан алып ырахат,
Күзгүдөгү дидарыңа канаармын.

Калса дагы жашым кырга жакындап,
Сени такыр унута албай койдум да.
Же болбопмун бир өмүрлүк эстелик –
Алмашылбас алтын шакек колуңда.

Сен суктанган сулуулукка илешип,
Көздөрүңө аста жыла калайын.
Конуп алып карегиңдин отуна,
Бүт ааламды өзүң болуп карайын.

## БИЛЕ ЖҮР

«Жумшак түш көрүп жаткын», – дедиң дагын,
Эшикти акырын жаап чыгып кеттиң.
Мага таштап сарсанаа кусалыкты,
Жүрөгүмдү тең жарып, тилип кеттиң.

Тагдырга таштап коюп бүт бардыгын,
«Сагынчың толуп-ташып жүр», – дедиңби?
Сагынчың көз жашыңдай мөлт-мөлт этип,
Сабылып, кыйналаарың билбедиңби?

Артта калып айлуу түн, гүлдүү талаа,
Түйшүк салып ыкшоолук ойго тунган,
Жүргөндүрсүң арманың кан дүргүтүп,
Күндө жаңы туш келип туңгуюкка.

Алыс, алыс алыстан ал күндөрдүн,
Жаңырыгы кайрадан угуларын,
Сүйүү болуп бир күнү жолугарың,
Биле жүргүн, биле жүр, билгин жаным.

## ӨТКӨН КҮНДӨР – ӨТӨЛГӨСҮ ӨМҮРДҮН

Өткөн бул күндөр – өтөлгөсү өмүрдүн,
Сени эстетип аткан таңдар – улук таң.
Жашаар күнүм, ойлор оюм бар туруп,
Кантип сени! Кантип сени унутам!

Түшүмдө угуп үнүңдү, назик күлкүңдү,
Таттуу ой менен ойгонгон таңым – ыйык таң.
Кусуру уруп кетпейби өткөн күндөрдүн,
Үнүңдү сенин, күлкүңдү сенин унутсам.

Эрке жел болуп сылабай калтар чачыңдан,
Тунук суу болбой чачылган аппак жүзүңө.
Эшилген кумдай эшилип барат өмүрүм,
Неге эми тагдыр көрсөттү мага кучүнү!

Буйрубай калса кайрадан сага жолугуу,
Көрө албай калсам өзүмдү кара көзүңдөн,
Бирге өткөн күндөр тумардай ыйык деп билгин,
Тапканым – ошол, утканым – ошол өмүрдөн!

## КЕЧ КҮҮГҮМДӨГҮ ЖОЛУГУШУУ

Кырк биринчи станция. Кечигипмин.
Сен дагы. Поезд эчак өтүп кеткен.
Кайткым жок. Сенин дагы кайткың келбейт,
Убакыт өтүп жатат чачты агартып,
Жаңы жыл эски жылды эскиркендей.

Жүктөр оор. Ойлор болсо андан да оор,
Бир тең кылып таңса эгер нар көтөргүс.
Таш боор тагдыр күүгүмдө тааныштырып,
Махабат стартына кеч келиппиз.

Тунжуроо. Теректердин шуудурагы,
Жүрөктү эзет, эзет муңдуу ырдай.
Вокзалдын сааты чык-чык, чачты агартып,
Эски жыл жаңы жылды жаңыртаарда.

Тагдырга эми арга жок. Кеч жолуктук,
Жаңы жыл эски жылды эскиртээрде.
Теректердин мукамдуу муңдуу ырын,
Унутпастан келип тур. Мен да келем.


## А МЕНИ КЕЛЕБИ АЯГЫҢ?

Турна моюн сулуу кыз ырдап жатты:
«Мен сага таарынгым келет», – деп.
Эстетип кара каш өзүңдү,
Же ойлоп койбогон мени бир.

Ачылбайт, капкачан жабылган.
Терезең шыкаалап мен өтчү.
Балалык сүйүүмдү унутпай,
Шыкаалайм дагы эле үмүттүү.

Катылуу каттарың тумардай,
Четинде гүл өскөн кол жоолук.
Муунттук сезимди неге биз?
Раймалы, Бегимче болбодук.

Же такыр чыкканбы жадыңдан,
Кечки күз, айлуу түн, өрүкзар,



Төрткүл көлүнүн жээгиндс





Курсташ досу
Сактанов Тагай менен.



Обончу жана аткаруучу Мамажан Козубаев, сүрөтчү Абдыжапар Маткайымов менен жана публицист-жазуучу Мурзапар Үсөнов өрүкзардагы маектешүү учурунда.

Журналист Машакбай Рахманкулов *(солдон оңго)* менен Талас шаарында.





ОшПиде бирге окуган курсташтар 30 жылдан кийин. 2004-жылдын 29-майы. *Солдон оңго:* Зулпукар Балтабаев, Байыш Төлөнов, Тагай Сактанов, Мамасадык Калыев, Тургунбай Жумаев, Сактанбай Момуналиев, Абдыганы Алимбеков.



Обончу жана аткаруучу Мамажан Козубаев менен
Таластагы Кыргыз улуттук «Манас Ордо» комплексинде.




Солдон оңго үчүнчү достор: тележурналист
Байыш Төлонов, акын Турабай Жороев,
кызым Гүлзат менен «Ош – 3000» телерадио компаниясында.

Мындагы муңканган мен байкуш,
Мен байкуш арген үн сага зар?

Аяймын дагы эле өзүңдү,
Өзүңдү түз кеткен шолоктоп.
«Кыялбайм мен сени, а бирок
Ата-энем кападар болот», – деп.

Кечки күз, айлуу түн, өрүкзар
Сагынтып сени да кыйнайбы?
Кайрылып, ал күнгө качан бир
Мени да келеби аягың?

Аруу кыз ырдоодо берилип,
«Мен сени сагынгым келет», – деп.
Эстетип, кумар көз өзүңдү,
Күндөрдү кайрылып келбес бир.

## КАНДАЙ ГАНА ЖОЛУГУШААР ЭКЕНБИЗ!

Качан, кайдан жолугушаар экенбиз,
Жүргөндүрсүң өз жолуңда адашпай.
Келер күндөр – жазыла элек барактай,
Качан, кайдан жолугушаар экенбиз!

Качан, кантип жолугушаар экенбиз,
Өчөөр, өчпөс бүлбүлдөгөн биликтей,
Алга сүрөйт үзүлө элек үмүттөр.
Качан, кантип жолугушаар экенбиз!

Бар турпатың, кыялдарың жаз бойдон,
Жүрөсүңбү күг күң дале наз бойдон?
Насибени неге бизге аз койгон?
Качан, кандай жолугушаар экенбиз!

Көптүн бири аруу, назик жан элең,
Жанымда сен өчпөй турган шам элең,
Бүт бардыгы экөөбүзгө таң эле.
Ойлойм: кантип жолугушаар экенбиз!

Таттуу ойлор жүрөктө орун талашып,
Өзүңдү эстеп кечтер кирип, таң атып,
Ширин кыял сезимдерди тазартып,
Ойлой берем: жолугушаар бекенбиз!

## ӨТКӨНДҮ ЭСТЕП

Булак этип майда өрүлгөн чачтарың,
Бир күн кызыл, бир күн аппак көйнөкчөн,
Сен келчүсүң китепкабың колуңда.
А мен сени таанып жалаң көйнөктөн.

Сабактабы, танаписби, жолдобу,
Сенин барың мага болуп зор бакыт.
Жамалыңа, ажарыңа эч тойбой,
Кылчак-кылчак карачумун уурданып.

Сен билчүсүң, мен билчүмүн купуя,
Не сыр барын, не ыр барын жүрөктө.
Менин оюм – бирге болуу сени менен,
Арам ойду жүрөктөргө түнөтпөө.

Бар тапканым, бар билгеним сен болуп,
Балалыктын нарк-насилин туйбапмын.
Сен «үч» алсаң сабагыңдан чейрекке,
Эжекейге «беш» койгун деп ыйлапмын.

Көздөн кетпей кырк өрүм чач элесиң,
Бирде кызыл, бирде аппак көйнөкчөн.

Өткөндү эстеп ырлар жазып келемин,
Медер тутуп ал ырдарды бир бүктөм.

## КҮТКҮН, ЖАНЫМ

Катыңды алдым, сагынтканың туюнткан,
Кара көзүм, чыдамы жок татынам.
Көзгө элестеп көздөн аккан жашың,
Кайра-кайра окуп кейип олтурам.

«Кабарың жок. Санаа тартып саргарып,
Айласыздан кагаз бетин толтурам.
Карааныңды бир көрүүгө зар болуп,
Кусалыктан кайратымды жок кылам.

Сагынычым күчөгөндөн күч алып,
Сен кенебей жүргөндөйсүң өч алып.
А мен мында жалгыз тартып күйүттү,
Азаптамын, отура албай тынч алып», –

деп жазыпсың. Жүдөттүбү жалгыздык?
Санаага көп алдырбачы, берметим.
Эсиңдеби элдин жүгү чыйралтып,
Түйшүк тартып жүргөн күндөр кечээги?

Айылдагы кыздарга али жете элек,
Көйнөк алып катып жүрөм сага деп.
Менин дагы оюм жалгыз өзүңдө,
Ишти бүтүп, жетсемби деп эртерээк.

Бүтпөс түйшүк улам өсүп, оожалып,
Зор демилге, зор максатка айланды.
Жетээр күндөр жакындоодо марага,
Күткүн, жаным. 2001. Май айы.
Тургунбайы Жуманын.

## КЫШКА КАЛГАН СЕЗИМДЕР

Баркын билбей алоолонгон күндөрдүн,
Биз адашып сапардагы максаттан,
Сезимдерди кышкы аязда муздаттык,
Күйүп-жандык чөлдө мээни кайнаткан.

Качандыр бир кайсыдыр бир чекиттен,
Учуп чыгып жарык чачып жаркырап,
Аруу ойлорду алдыма төгүп саларсың,
Жакшылыкты жамаатка айткан жарчыдай.

Качандыр бир, кайсыдыр бир сапарда,
Бир туш келип, угуп назик үнүңдү,
Кубанычтан чарт жарылып кетпеймби,
Таап алып табылбасым – сүйүүмдү?

Качандыр бир, кайсыдыр бир өңүттөн,
Аңдып жүрүп карааныңды жоготпой,
Оро-пара келериме ишенем,
Жоктоп жүрүп эске келген жомоктой.

Баркын сезип оттуу кездин кечээги,
Көп алагды болуп сапар – максаттан,
Сезимдерим кышкы аязда үшүдү,
Күйүп барам мээ кайнаткан аптапта.

## КАРЕГИМДЕ ЭЛЕСИҢ

Аппак жүзүң алоолонтуп дилимди,
Чаркка коюп курчуткандай сезимди.
Унута албай ойлуу жашап келемин,
Он бештеги Айдай толгон кезиңди.

Алоо болуп алтын жүзүң албырган,
Ак нан жаап жаткан аппак тандырга,
Айдай кезиң карегиме түнөтүп,
Түбөлүктүү байлыгымдай калтыргам.

Уютулуп, кургатылган куруттай,
Ал кездерди эстеп, такыр унутпай
Жашап келем элесиңди эш тутуп,
Үмүттөрдү келер күнгө сунуштап.

## КАЙДА КЕТТИҢ?

Кайда кеттиң, сени издеп кайда барам?
Чолпон элең түнөгүн таштабаган,
Эт, жүрөктү эзилтип, ачыштырып,
Кайда кеттиң, сени издеп кайдан табам?

Жүрөгүмө тагаарга тумар элең,
Жан жыргаткан күлкүңө кумар элем.
Ак маралдай апакай карааныңдан,
Кубат алып, күч алып турар элем.

Жан адамга айтпаган сырым элең,
Миң кайрыктуу, мукамдуу ырым элең.
Кете бердиң каректи карыштырып,
Кай сапарга билбедим, сыры терең.

Кайда кеттиң, сени эми кайдан табам?
Бүт мүшкүлүн сүйүүнүн таштап мага,
Азапты үйүп жүрөккө, арманды үйүп,
Кайда кеттиң? Сени издеп жалгыз барам.

## ЫРДАП ЖҮРӨМ

Али эсимде, көк шибер белесинде өмүрдүн,
Күттүрбөстөн – нетпестен, бактым, мага туш келдиң,
Кыян-жаян жүргөнсүп бүлүк салып сезимге,
Чачыратып ойлорду, келгениңде бир келдиң.

Чачкын ойду бир жерге жамдаштыра албадым,
Колуң менен колумду кармаштыра албадым.
Безе качып сүйүүнүн азабынан, зарынан,
Же өзүңдү башкага алмаштыра албадым.

Тартынчаактык мүнөздү такыр жеңе албадым,
Бир пикир, бир чечимге такыр келе албадым,
Кармап алып апакай колдоруңдан жетелеп,
Сурап алып апаңдан, алып кете албадым.

Эми минтип өзүң жок, муздап жүрөм, периштем.
Акылдашаар жан таппай, сыздап жүрөм, периштем.
Адебиңди адеми, келбетиңди айтунук,
Эстен тана эскерип, ырдап жүрөм, периштем.

## ОТУЗ КҮН ӨТПӨГӨНДӨЙ

Жолуңду карай берип, карай берип,
Күндү, Айды санай берип, санай берип.
Отуздун кырын ашып кетиптирмин,
Отуз күн өтпөгөндөй андан бери.

Отуз күн өтпөгөндөй андан бери,
Жолубуз качан кыйгач өтсө дагы.
Ал күндөр кайып учуп келсе деймин,
Ал күндөр кайрадан бир жаралабы?

Ал күндөр кайра баштан жаралса эгер,
Кадырлап, урмат кылып тосоор белек,
Башкача нурун чачып Ай, жылдыздар,
Башкача мелүүн согуп тоонун жели?

Башкача мелүүн согуп тоонун жели,
Чачтарыңды тарамак, уйпаламак.
Тагдырды такыр эстен чыгармакпыз,
Бир келген зор бакыттан кур калбаска.

Жылды, айды санай берип, санай берип,
Жолуңду карай берип, карай берип,
Отуздан ашканымды сезбептирмин,
Отуз күн өтпөгөндөй андан бери.

## КӨКҮРӨКТӨГҮ ДАРТ

Бир өмүр жан кыйнаган мээнетиме,
Бир тийген баасы кымбат сыйлыгымдай,
Өзүңдү кысып-кысып көкүрөккө,
Көкүрөк дартымды айтып, ыйлагым бар.

Шарт-шарт эткен шыбыртында жамгырдын,
Шарт-шурт баскан карааныңды көрө албайм.
Капаланып, кайгы тартып миң жолу,
Кара көзүм, миң жалынып келем ай.

Арасынан майин жааган ак кардын,
Ак пальточон элесиңди көрө албайм.
Азаптамын же угарга өзүң жок,
Арман күүсүн чертип коюп келем, ай.

Алыстасың, көз күйгүзгөн кызгалдак,
Арзып жүрүп акыр бир күн жетемби, ай.

Же болбосо жети күндүк өмүрдөн,
Жеңижоктой шаңшып жүрүп өтөмбү, ай.

## ЖҮРӨКТӨГҮ ЫР БОЛСУН

Кашы кара, чачтарын агыш баскан
(Элесимби же менин?) тааныш жигит,
Ойго баткан, жүрөктү ачыштырып,
Көздөрүңө алган дейм кайдан кирип?

Тагдыр буйруп дагы бир бет келише,
Бет келише калса эгер өңдөн азып,
Көздөрүңдү чылк жум да карегиңе,
Карегиңе сүрөтүн катып алчы?

Ал сүрөттү бапестеп аяй көргүн,
Көздөрүңдүн отунан кубат алсын.
Жүрөгүңө тымызын жылсын дагы,
Жүрөктөгү ыр болуп жашап калсын.

## ЫРГА АЙЛАНТЫП ӨЗҮҢДҮ

Наз күлкүңдү аңдыган мерген болуп,
Бул жашоого сен үчүн келген болуп,
Куру үмүткө ишенип жашап келем,
Сүйүү гүлүн сени менен терген болуп.

Куру кыял жолумду жарык кылып,
Зарыктырып жүрсөң да, зарыктырып,
Ырга кошуп өзүңдү жашагым бар,
Ак сүйүүмдөн жаралган тарых кылып.

Наз кулкуңө барымды төлөйүнбү?
Жакын жүрүп, оор жолдо жөлөйүнбү?
Канышам бол, жапжалгыз тагыма чык,
Жүрө бербей бук кылып жүрөгүмдү.

Экөөбүздү бул сезим ынак кылып,
Эки дилди бул сезим турак кылып,
Ырга айлантып өзүңдү жашасам дейм,
Ыйманымды ырыма ыргак кылып.

## КУМАР КӨЗГӨ

Тоонун таза деми уруп, гүл жыттанган
Ырың кана, кана ширин сөздөрүң?
Чаңкап турган эриндериң нени эңсейт,
Нени боолгойт байкамаксан өзгөрүүң?
Сен айта албай жаткан сырды ката албай
Сүйлөп ийе жазгысы бар көздөрүң.

Бизге сейил бак болгон бул өрүкзар,
Санаркоону кучагына сиңирип,
Сезимдерди чакыргансыйт айдыңга,
Жеңил-желпи ой-кыялдан түңүлүп,
Муңга толо, жарааты көп, аялуу
Жүрөгүңө жете аламбы үңүлүп!?

Күтө берип чаалыккан максатымды,
Улантып, улук аян күндүн бири.
Башымды ийип туш келген бул бакытка,
Унутуп өтүп жаткан тирилигимди,
Кайыл болуп жазылган тагдырыма
Көтөрөрмүн азабың, бийлигиңди.

Сенин барың кандай бакыт жарыкта,
Карегиңди кирпик менен сылаармын.
Кызгалдактай кылаңдаган өртүңө,
Жетээрмин же жетпей жолдо сынаармын.
Тынчы кеткен жүрөгүмдүн мүдөөсүн
Ишке ашырып, тынсам анан тынаармын.

## ЖЫЛДЫЗЫҢ КАЧАН ЖАНАТ?

Ойлор учат байлоо бербес күлүктөй,
Жүрөк, байкуш чыдайт кетпей үзүлүп.
Эсиңдедир биз жолуккан күзгү кеч,
Оо, сен кандай сулуу элең ал күнү!

Оо, сен кандай назик элең ал күнү,
Көөдөн жара жылуу, жумшак дем уруп!
Үмүттөрдү какмалаган бул тагдыр
Катаал чыкты, татаал чыкты кургуруң.

Өчөт, жанат улам-улам алыстап,
Карегиме түнөп жүргөн элесиң.
Мейли жашын менден, мейли калкалан,
Кыялымда а сен мени мененсиң.

Тартынасың, сезимге чаң жуктубу?
Киргилдикти ыраа көрбөйм өзүңө.
Кашка суудай тунуктугуң барк тутуп
Келем, бирок томсоргонуң күйдүрөт.

Жүрөсүңбү таба албастан айла-амал,
Кусалыктан сезимдериң үлбүрөп?
Сезимталдык сага кандай жарашат,
Сен томсорбо, томсорбогун үргүлөп.

Канча далбас урсам дагы негедир,
Түпкүрдөгү сезимдериң ойгонбой.
Жаткандайсың. Жүрөгүңдүн асманы
Жылдыздарын жагат качан Чолпондой?

## КАРАП КОЙ

Ай менен Күн күнү-түнү чарчабай,
Бирин-бири кууп, алга умтула.
Көздөгөнүн бербей келет түбөлүк,
Мүңкүрөбөй, же калбастан умсуна.

Мен Күн болуп сага ыроолоп жылуулук,
Чарчабастан, ноюбастан бир өмүр.
Жашап келем, көздө жанып элесиң,
Сен Ай болуп карап койчу мени бир.

Жетпедим деп жаншериктей сулууга,
Максат көздөй аруулукка умтула.
Сүйүүдөгү жалгыздыкты көтөрүп,
Жашоо дагы билгенге эрдик тура.

## ОО, СҮЙҮҮ

Оо, сүйүү! Мени шунча нес кылсаң да,
Мажирөө сезим депмин анчейин бир.
Тыпатынч ойлор менен жашап жүрсөм,
Тереңиңе тартып сен кетпедиңби?

Тереңиңе тартып сен кеттиң дагы,
Олтурам курч сезимдин кучагында.
Алыс калган балалык кыялдардай,
Сүйүү сага ушунчалык кусамын да.

Сүйүү мени ушунчалык куса кылып,
Ак толкундуу дайраны элестеттиң.
Турмушум, өткөнүм бүт бир пул болуп,
Келди эми шарыңа бой таштап кетким.

Эртең кандай тагдырга мен туш келем,
Эртең сага кандай көйнөк жарашат?
Алаксытып кызыгыңа, назыңа,
Сүйүү мени кылбайсыңбы таш бараң?

Алдыда – албан турмуш кыябаны,
Алдыга жетелеген мара сымал.
Тагдыр – кербен сага кеч жолуктурган,
Наркыңды, нийматыңды кантип кыям!

## ИШЕНИЧ

Биз бапестеп бөпөлөгөн бул сезим,
Бир бүктөмдө калбаса экен деп корком.
Арабызды аралабай күдүк ой,
Көнүлдөрдү кирдетпейли, жан эркем.

Жүрөк мыкчып, бетке-көзгө каным тээп,
Жан дүйнөм жай албастан олтурамын.
Жүрөктүн каалаганын мустар кылбай,
Болбогон жерден дагы болтуралы.

Сен ойдо болсоң абийирдин, а мен пас болсом,
Миңдеген татаал тагдырдын дагы биридир.
Ошентсе дагы биз тапкан тунук сезимдин,
Кунары кетпейт, ширини кетпейт баары бир.

Буулугуп чечиле албай, ичтен дымып,
Күңгүрөп дымык суудай дымып агам.

Сагыныч өрттөп барат эт-жүрөктү,
Дартымды сенден башка кимге айтам.

Акылдуу жансың аздектей билген сезимди,
Көңүлүң таза, пейилиң да ак эле.
Өткөн ширин күндөрдү бүт унутуп,
Колду шилтеп кетпесиңе ишенем.

## ӨКҮНБӨ

Жаз эле, жан-жаныбар бүт наз эле,
Неге биз кала бердик бүрдөй албай.
Неге биз жарык нурду түндөн күттүк,
Жаркырап жарыкка мол күндөн албай?

Жашоо не туш кылат деп эч барк албай,
Жарк этип жаркылдаарда аткан таңдай.
Неге биз эки жерде кала бердик,
Махабат ырын бирге ырдай албай.

Жан элең аз сүйлөгөн, билген көптү,
Жылмайып, жылуу мээрим, нурун төкчү.
Кайгырба, каниет кыл тагдырыңа,
Болоору болду эми, өткөнү өттү.

## СЕН ДЕП ЫРДАЙМ

Сергек жана кардай аппак ой менен,
Сен деп ырдап таңшыймын. Таңшык кезим.
Себеленет дагы эле ак жаан болуп,
Сенден тапкан седептей таза сезим.

Ышкым түшүп желге ыргалган чаңыңа,
Ырахатын туюп таттуу жылдардын,

Ырамандын ырчы уулундай үн созуп,
Өзгөчөм ай, бир өзүңдү ырдаймын.

Санаам санга бөлүнгөндөй саргайып,
Сага зармын, зар экеним ырдаймын.
Сагыныч сырын, арзуу сырын туйбаган,
Сага таңмын, таң экеним ырдаймын.

Көкүрөктү тээп чыккан булактай,
Көп сырымды көлдөй толкуп ырдаймын.
Көңүл калбай аяр, оттуу каректен,
Көздөрүңдөн өбөйүн деп ырдаймын.

Жеңип чыгып, азабын бул кумардын,
«Качан арыйт, арманым?» – деп ырдаймын.
Татып, татып шор даамынан күйүттүн,
«Шорум катып калбайын», – деп ырдаймын.

Калганыңа сулуу болуп элде жок,
Көзүм күйөт, аны кайдан билесиң,
Ырдап келем бар бугумду чыгарып,
Шор тагдырдан шор данектей бир үзүм.

## ЫЙЛАБА

Кой эми, болбосту айтып кыйнабагын,
Көз жашыңды көлдөтүп ыйлабагын.
Колуңдагы бүркүттү бага албасаң,
Бүркүткө бүркүт болуп жага албасаң,
Кантейин, нени айтып, не кылайын.
Кой эми, болбосту айтып кыйнабагын.

Эчкирбе, өткөндү эстеп ыйлабагын,
Мени да көңүлүм эзип кыйнабагын.

Тагдыр берген тумарды тага албасаң,
Панар кылып панарды жага албасаң,
Не кылайын, мен анан, не кылайын.
Өкүнбө, өткөндү эстеп ыйлабагын.

Кой эми, мага карап күлбөгүнүң,
Сүйсөң сүй, а сүйбөсөң сүйбөгүнүң,
Айкырсаң да артына кайтпас күндү,
Кыйкырсаң кулакка жакпас үндү.
Кайталайм деп капалык үйбөгүнүң.
Сүйсөң сүй, а сүйбөсөң сүйбөгүнүң,

Кой эми, күйпөлөктөп жалынбагын,
Арман айтып ар кимге, кайгырбагын,
Коломтоңдун жалынын өчүрбөгүн,
Өткөнүңдү бул күнгө көчүрбөгүн.
Ар бир күнүң – табылбас өмүр багың.
Өткөн өттү, өкүнбөй жалындагын.

## ЖҮРӨК СЫРЫН СЕЗБЕДИҢ

Алоолоп туңгуч сезим деми менен,
Сезбедик жыргал кандай, куурал кандай.
Мас кылып жан жыргаткан кызыгына,
Шартылдап өттү ал учур жааган жаандай.

Бирге болсок бир өмүр деген элек,
Билбейм не кол кармашып жүрө албадык?!
Коноордо колго келип бакыт кушу,
Не болду? Неге бизге сыртын салды?

Дайынсыз мага дале ал күнкү алың,
Кайсы жолдо, кандай ойдо, кантип кеттиң?

Атадан жалгыз элем, а сен мени,
Сүйүүдөн дагы жалгыз кылып кеттиң.

## ӨЗҮҢДҮ ЫРДАЙМ БААРЫ БИР

Мага не болду? Мокодубу сезимдер,
Жаз көрө албай көздөрүңдүн отунан?
Өзгө эмес, өзүң гана жөнүндө,
Өз ырымды ырдай албай олтурам.

Өз ырымда, үмүттөн да үлбүрөк,
Эргүү, арзуу, ширин кыял толтура.
Жанга жыргал берген үнүң жөнүндө,
Өз ырымды ырдай албай олтурам.

Наз ийменип, назик, жумшак колдоруң,
Чачтарымдан аста сылап жатканың.
Башка бир жан ырдай элек таризде,
Өз ырымда ырдай албай жатамын.

Өз ырымда качан ырдаар экенмин,
Сен жөнүндө, сенин күлкүң жөнүндө.
Алоо кызыл көйнөгүңдү албырган,
Баа жетпеген баркыңды бул өмүрдө.

Мага эргүү берчү жалгыз өзүңсүң,
Ырды ыргактан ажыратып болбойт түк.
Башка бир жан ырдай элек таризде,
Мен өзүңдү ырдайм, ырдайм баары бир.

# Махабатым – жылдызым оттой жанган

*Махабатым – жаштыгым оттой жанган,*
*Ыргагыңды дале издеп ылгап алам.*
*Наристедей пакиза сүйүүбүздүн,*
*Жарыгынан жанданып жыргап калам.*

## СЕЗИМ ТУЙГУЛАРЫ

I

Асман толо жылдыз жанат, Ай жалгыз.
Айылда сен, а мындагы мен жалгыз.
Гарып болдук сыр түйүнүн чече албай,
Жүрөктөрдү качангаче алдайбыз?

Бир көргөнгө кабак ачык, ойлор түз.
Көңүлдөрдү көкөлөткөн көлдөйбүз.
Гарып кылып сырды ачпай анан не,
Буйругуна жүрөктөрдүн көнбөйбүз?

Эки жээкте өскөн эки талдайбыз,
Шамал ыргап бири-бирибизге жандайбыз.
Жалгыз жүрбөй жыргалы мол өмүрдүн,
Арабасын качан бирге айдайбыз?

II

Үлпүлдөгөн үмүттөрдү алдейлеп,
Жүрөктөрдү жыргаттык да, сүйүнттүк.
Маашыр болуп сүйүүбүзгө өзүбүз,
Башкалардын ичи тарып, күйүнттүк.

Башкалардан бактыбызды талаштык,
Кыйма-чийме экен ал жол, адаштык.

Көңүлдөрдү кара кылып эртеси,
Кылдай кыйкым эсте калбай жараштык.

Сендей жанды күтүп эңсеп жүрсөм да,
Же бул сапар насип кылбай эртерээк,
Экөөбүздүн багытыбыз эки жак,
Эки тирилик желкебизден желкелеп.

III

Тагдыр буйруп тар көчөдө жолугуп,
Жүрөк булкуп же тил албай оолугуп,
Айла катты туңгуюктан чыга албай,
Сезимдердин жолу турат тоорулуп.

Аппак, аруу тилегиң да, назың да,
Жүрөгүмө назиктикти уюткан.
Кайда жүрдүң кара көзүң моймолжуп,
Кайда жүрдүң бир туш келбей мурунтан?

Эми минтип эки жолдо экөөбүз
Бул өмүрдүн өрүн көздөй көчөбүз.
Көчө-көйдөн капысынан туш келсек,
Бейтааныштай бейкам гана өтөбүз.

IV

Кейпин кийип жалгыз калган күлүктүн,
Күндөп, түндөп сени издедим, күйүктүм.
Көп убадаң кылды мени убара,
Убарама кейибеймин, сүйүүктүүм.

Жаздын түнү. Күтүп турсам келет деп,
Жолтоо болуп жамгыр төктү көнөктөп.

Апаң эми кайдан сени чыгарсын,
Атаң жатса сени пайлап өбөктөп.

Дыбырт-дыбырт терең маани казалдай,
Жамгыр тынбай же мен кетип кала албай.
Сени күткөн күндөр уюп эсимден
Кетпей жүрөт. Делбе болуп каламбы ай!

V

Махабатым – жылдызым көктө жанган,
Мөлтүлдөгөн жаштыкты көктөмдө алган.
Жийде жыттуу саамайың сылап жүрүп,
Жигиттигим кермурут сенде калган.

Аппак була өндөнгөн балалыгым,
Арыулукту апакай таңдан алган.
Агарганы чачымдын арман эмес,
Арзуусу мол ак сүйүүм сенде калган.

Махабатым – жаштыгым оттой жанган,
Ыргагыңды дале издеп ылгап алам.
Наристедей пакиза сүйүүбүздүн,
Жарыгынан жанданып жыргап калам.

VI

Жоодурак көздөрүңдүн оту жанып,
Ысыгы чоолап ийген жайкы аптапсың.
Ансайын арбай берген, арбай берген,
Кызылы кызыктырган кызгалдаксың.

Жылт коюп өтсө дагы канча жылдар,
Жылт этип өчпөй жүрөт оттуу сезим.

Толтуруп көкүрөккө кусалыкты,
Өзүмө ээ боло албай турган кезим.

Мен эми кимге айтып түгөтөмүн,
Жанымды жай алдырбас арманымды.
Өзүңдү күн - түн эңсеп издей берген
Тынчы жок делбе болуп калганымды?

**VII**

Алтыным, көлдөй толкуп көйкөлдүңбү?
Апкаарып, туталанып өзгөрдүңбү?
Карматпай ойлор сени кыйнадыбы,
Өзүң өрүп кыйналган жөргөм өңдүү?

Кучагында санаанын термелдиңби?
Ким сенин наз күлкүңдү эрөөн көрдү?
Суу жетпеген кызгалдак болдуңбу же,
Жамгыр күтүп кумсарган өрөөндөгү?

Кайрадан оку анда каттарымды,
Улам жаңы ой берген, арзуу берген.
Ырдасам кайра өзүңдү ырга айлантып,
Сырга бай наз күлкүңө арзыйт бекем!

**VIII**

Өзүмдү сенден оолактап алып жүрө албай,
Ызамды элдей ичиме жута албастан,
Алдырып ийдим өзүңдү өткөн күндөргө,
Тагдырдан ыйык сүйүүмдү тута албастан.

Өткөрүп ийдим алтындан кымбат кезимди,
Даамы эсте дале наристе аруу сезимдин.
Майышып бүттүм кусанын тийип капшабы,
Өтүшүп кеткен өрүктөй болуп эзилдим.

Арбаган жанды, арбаган аппак сезимди,
Эстээрсиң сен да анардай кызыл кезиңди.
А мага, жаным, кымча бел, ноода элесиң
Жылуу бир илеп, таңкы нур болуп сезилди.

# Балдар менен өткөн өмүр – гүл өмүр

*Балдар – менин бар байлыгым, мол бактым,*
*Балдар менен өткөн өмүр – гүл өмүр.*
*«Саламатпы, агай!» деген сөз үчүн,*
*Мен мектептен кетким келбейт бир өмүр.*

## БИРИНЧИ АПРЕЛЬ

Биринчи апрель. Пушту ыраң өрүкзар,
Койнундагы чакан мектеп. Класска
Жеткире албай Даниярдын арманын,
Түйшүк тартып, тердеп меңдеп отурам.

Класс тымтырс. Баары ойго чөмүлгөн.
Жамийланы актай албай баштар маң.
Ойду бузуп, али бышып, быша элек,
Тырс-тырс этет каалга, бирок ачылбайт.

Аста ачам, а сыртында эч ким жок,
Болду күлкү, класс шаңга толтура.
«Бүгүн бири – алдандыңыз агай» – дейт,
Кызыл кемсел, ак көйнөкчөн Зулайка.

Даниярдын чатагы али басылбас,
Буга баары – жылдар күбө, күн күбө.
Түйшүктөнүп жүрө бербей түнт болуп,
Көрсө, адамга керек тура күлкү да.

Андан бери нечен гүлдөп өрүкзар,
Мезгилдин да өң-келбети оңуптур.
Балдар менен бала болуп мен жүрсөм,
А Зулайка неберелүү болуптур.

Аралашып Сейит, Дүйшөн, Илияска,
Күндө сабак, күндө майрам – күндө шу.
Балдар менен бала болуп тең жүрсөм,
Зулайка эми небересин үйлөсүн.

## ЭНЕЛЕРДИ СУКТАНДЫРГАН ЭНЕСИЗ

*(Бурханова Буулаз эжекейге)*

Энелерсиз токтоп калмак бул жашоо.
Сиз акылгөй, мээрбан, айкөл энесиз.
Энелерди сиздей боло албаган,
Суктандырып тамшандырып келесиз.

Турмуш – сапар, кыр артынан кыр чыгып,
А жаңы муун улам зирек, зор чыгып,
Өсүп жатат. А мен өксүп жүрөмүн,
Сиздей эжем жоктугуна умсунуп.

Сулуулукту берген кудай аянбай,
Көздөрүңүз тунук ойго толтура.
Сизден окуп калбадым деп ич күйүп,
Тагдырыма таарынгансып олтурам.

Токтоно албай толкунданаар кезегим,
Мезгил келип, ойду айтарга сөз тийип.
Бар болуңуз уул-кыздын доорунда
Туф! туф! туф! туф! Кетпесинчи көз тийип!

Таза болсун Ата Журттун абасы,
Балдар күлүп, күн бейпилин билдирип,
Жездебиздей акыл калчап уулдары,
А кыздары Сизден дагы тың чыгып.

Энелерсиз токтоп калмак бул жашоо.
Сиз акылгөй, мээрбан, айкөл энесиз.
Энелерди сиздей боло албаган,
Суктандырып тамшандырып келесиз.

## МЕН ЖАНА БАКЫРАҢ КӨЗ БАЛДАР

Шашып келем түрс-түрс кагып жүрөгүм,
Илгери үмүт, тилектерге толтура.
Эртели-кеч баккан тунук ойлорду,
Бакыраң көз окуучума айтууга.

Бар тапканым балдар менен бөлүшүп,
Кийинкиге болуп кайра карыздар,
Үйгө кайтам эртең кайра жанууга,
Көөдөй түнгө болуп өчпөс чырагдан.

Сергий түшөм, эргий түшөм мектептин,
Бала жыттуу абасынан жыттасам.
Өтүп жаткан өмүр өмүр эместей,
«Агай» деген бала сөзүн укпасам.

Балдар – менин бар байлыгым, мол бактым,
Балдар менен өткөн өмүр – гүл өмүр.
«Саламатпы, агай!» деген сөз үчүн,
Мен мектептен кетким келбейт бир өмүр.

## ЭНЕМЕ

Жалынтып, жабыркатып кете бердиң,
Энекем, эми таппас берекем, ай.
Өзүң жок, өзүң айтчу алтын сөз жок,
Өзүңдү эстеп жалгыз басамын жай.

Сагындым, сагынычым ташкын болуп
Ээлигип, эч кимди укпас дарыядай.
Өзүң жок, өзүңкүдөй мээрим да жок.
Кантип мен качан, кайдан байыр алам?

Жаңырат кулагыма керээз сөзүң:
«Жолдошту бапестегин», – деген жалгыз.
Олтурам ой-максаттын кучагында
Сен гөрдө, а мен мында сенсиз жалгыз.

Неберең, жан неберең, ишеничиң
Окууда. Окуп адам болоор эрте.
Иштеп, жашап жүрөм мен сени эстеп,
Сени эстетип жумурай журтка, элге.

## ТАГДЫРЫҢА ТАН БЕРГИН

Бир бөтөнчө жаралгандай дүйнөгө,
Мөлтүр суудай көңүлүңдүн шаттыгы-ай!
Көздү уялтып, көздүн нурун тайгылткан,
Тизмектелген тиштериңдин актыгы-ай!

Тартууланып экөөбүзгө шул тагдыр,
Мен өзүңдөн таптым, жаным, бактымды.
Сен дем берип, сапарларга максатчан,
Жээгиме батпай толуп, таштым да.

Бирдей кагып жүрөктөрдүн тамыры,
Ата-эне болдук бөлтөк балдарга.
Биз бүтпөгөн ишти жасап, ойду ойлоор,
Жолдор насип кылсынчы эми аларга.

Алдыда али жолдор бар из түшө элек,
Жүрсөк болду капилеттен алдырбай.
Тан берип жүр, мен тан берип келемин,
Экөөбүздү табыштырган тагдырга.

## ЖАННАТИГЕ

Көрөөргө көзү бар,
Сүйлөөргө сөзү бар,
Сары эсеп чоту бар,
Жүрөктө оту бар,
Кызы бол кыргыздын.

Мээрими чачылган,
Гүл болуп ачылган.
Пакиза сезимин,
Уяңдык жашырган,
Кызы бол кыргыздын.

## ЭРКЕЛЕП КОЙ

*(Кызым Гүлзатыга)*

Кызык кызсың ачылган таңкы гүлдөй,
Кызыгууң да дүйнөгө толуп ташкан.
Таңда, кечте түгөнбөй суроолоруң,
«Эмне үчүн?» дегенден тажабаган.

Окуп, издеп, аңтарып аалам сырын
Көп нерсеге түшүнгөнсүп жатасың.
Жүрсөң экен таштуу жолдо мүдүрбөй,
Алып элдин алкышын, ак батасын.

Сенин күлкүң – биз үчүн күмүш сырга,
Сен курсантсың, а демек үйдө чоң той.
Эркелегиң эстетип бүгүн да бир,
Бөлтөң этип кайра бир эркелеп кой.

## ӨРҮКЗАРДЫ ТАШТАП КАЙДА КЕТТИҢ СЕН?

*(Курбаналы Сабыровго)*

Бар турпатың өрүк даамдуу ыр болсун,
Ыр чырагы жанган жашыл кыр болуп,
Жүрө бербей, көңүлүң калды эмнеден,
Кетишиң да туңгуюктуу сыр болуп?

Тилегиң да, тирегиң да ыр эле,
Багындырам деген ыйык туу эле.
Өрүкзарды таштап кайда кеттиң сен?
Издегениң ыймандай ак сыр эле.

Ширин ырлар буулуп, дилди азгырбай
Калганына кантсин журтуң кайгырбай!
Ырларыңдын ыргактары демитчү,
Көктөмдөгү жааган аппак жамгырдай.

Ыр чырагың мурункудай жагылбай,
Ырлар мөгдөйт жаңыланып агылбай.
Козубаглан күңгүрөнөт сени эстеп,
Көөдөндү уруп тоого, ташка, шагылга.

Бар турпатың өрүк даамдуу ыр болуп,
Ыр чырагы жанган жашыл кыр болуп,
Жүрө бербей, кете бердиң неге сен,
Кетишиң да туңгуюктуу сыр болуп?

## ЛЕЙЛЕКТЕГИ ЫР МАЙРАМЫ

Ыр майрамга туш келип,
Ыргакка бай ыр уктум.
Сыйда, сыпаа, жайдары,
Сынга толоор сыр уктум.

Козубаглан үшкүрүп,
Таштан ташка урунат.
Ыргак алып тоолордон,
Ыр дайрага ыр сунат.

Көптү муңдан арылтып,
Көкүрөктү багынтып,
Агып жатты ырлары
Ашырбаев Таирдин

Жүрөктөгү муңду айтып,
Жигиттерди уялтып,
Майин, аруу ыргакка
Ырдап жатты уяңдык.

Дилде жаткан сырды айтып,
Уккандарды муңайтып,
Ырга кошуп сүйүүсүн
Сунуп жатты Гүлзат кыз.

Шакирттерин жетелеп,
Ой көтөрүп чыйрак, тың,
Ой – да! Агылтты ырларың
Атакулу Жакыптын.

Тоо койнунда – ыр майрам,
Адыр-түздө – ыр базар.
Бир чаңкоосун кандырып,
Ырга айланды өрүкзар.

Көтөрүлүп көңүлдөр,
Ырга муюп көңүл ток.
Өкүнүч жери – ыр шаасы
Курбаналы Сабыр жок.

## БУЗАРМАН УСТАГА

*(Кыйытма)*

Жаңы имарат башталып жакшы ой менен,
Пайдубалы түптөлүп калган эле.
Ак батасын беришип аксакалдар,
Эл жыйылып ак тилек айткан эле.

Өтөөсүнө чыксак деп ой-максаттын,
Уйку даамын унутуп күндүр-түндүр.
Бирин тапсаң, бири жок бул мезгилдин
Кыйындыгын кыйналып жеңип жүрдүк.

Бирге иштеп, тымызын сынап жүрдүң,
Ачыктыгын туйбастан келер күндүн.
Эл койгон кыш калганда сага жакпай,
«Мунуң кыйшык», – деп коюп, качып жүрдүң.

Турмуш оордоп, устага күч келгенде,
Сага тийип тешеси усталыктын,
Өзүң келдиң айттырып улуктарга,
Оорду колдон алгансып кысталышта.

Чындыкты айтып, «жаңыча» иштеп жүрдүң,
«Теше жоно[illegible], а араа араалайт», – деп.
Өзүң бирге коюшкан ак кыштарды,
Өзүң алып ыргыттың: «Жарабайт», – деп.

Тегеренип көзүңдүн агы менен,
Лаппайчылар «лаппай» деп жүгүрүштү.
Туура ой айткан досторду уккан жоксуң,
Сен укпасаң, алар да түңүлүштү.

Же имарат бүткөн жок эл күткөндөй,
Дубал турат ар жерден кыштар кулап.
Бүлүнгөн иш жадатып шакирттериң,
Талаа кезип кетишти тагдыр сынап.

«Бүтөөр ишке сынчы көп!» Акыйкат сөз.
Кайсы ишиңе көнүлдөр болот курсант?
Кана сынчыл билерман усталыгың,
Кана эл койгон баягы «жаман» кыштар?

Көптү билген көрөгөч көзүң кана?
Кара кылды как жарган сөзүң кана?
Элге кызмат кылуучу күчүң кана?
Элге жаккан «жаңыча» ишиң кана?

## БАЛТЕККЕ

*(Кыйытма)*

Ит адамдын досу дешет. Калетсиз.
Тагдыр экен, сени бактым, дос болдук.
Шарапаты менен бийик максаттын,
От күйбөгөн жерде жанып от болдук.

Өз милдетиң үчүн жанып күйчүсүң,
Жыт келбеген жерден аңдып жыт алып.
Мен байкабай калган кезде кыйытып,
Билдирчү элең: «Жатат баары уурдашып».

Аярланып аста жана тымызын,
Түшпү, түнбү, же эртеңки багымдат,
Келкелиңден үмүт кылып жүрчүсүң,
Же бир жолуң сен күткөндөй ачылбай.

Канча ирет аш-тойлордо бир болдук,
«Биздин көкжал алгыр, күчтүү, күлүк» – деп.
Мактанбаган жерим сени калбады,
А келе элек жеңиштерден үмүт көп.

Намыс үчүн бар күчтү үрөп аттанып,
Мелдештерде мөрөй алып, даңк алып,
Мыктылардын мыктысы деп таанылдың,
Гезиттердин бети толо макталып.

Мезгил жетип, бир күн шишиң толгонбу,
Өлөрмандык пейлиң кармап күлүңдөп,
Эки көзүң калемпирдей кызарып,
Балтырымды тиштеп алдың билдирбей.

Жүрөктү бүт каптап кирди капалык,
Күн жок эми биз дос жүргөн күндөрдөй.
Күн жок эми ачык, таза, нур жааган,
Күлкү да жок биз чын дилден күлгөндөй.

Кылыгыңды аш койгонго таш койчу.
Тыйып койсом, ал максаттан гүл өнмөк.
Же койбопмун ит атарга дайындап,
Арамдыктын бир тамчысы түгөнмөк.

Жок, жок, Балтек, бул оюмдан кайтайын,
Бар азапты тартсам өзүм тартайын.
Терс ойлорду ташка уруп талкалап,
Башта турган бактыбызды алкайын.

## КӨҢҮЛДҮН ЖАШТЫГЫ

Бул өмүрдө кырктын жазын өтөдүм,
Ташыркадым, ташын тердим көчөнүн.
Каш-кабактын ортосундай ар бир күн,
Кол жеткистей алыс болуп эртеңим.

Кудай берген кырктын жайын кечирдим,
Көп сыр катпай досторума чечилдим.
Эл катары эмгек өтөп, терди аарчып,
Куйту достун куйтулугун кечирдим.

Жараткандын кырк күзүн да өткөрдүм,
Алганымды аз да көрбөй, көп көрбөй.
Байкаганым – дурусураак иш кылбай,
Күндөр болду менменсиген, мен көпкөн.

Тагдыр берген кырктын кышын жашадым,
Турмуш бороон, бороондордо такшалдым.
Ата болуп мотурайган балдарга,
Кыйын кезде жан биргеме жастандым.

Жаз,жай, күз, кыш деген удаа балдары
Ар бир жылдын өсүп, өнүп эркелеп,
Сүйөөр кызын сүйө албай же кыя албай,
Көңүл кургур кыркка али жете элек.

## КИМ ЖАРДЫ?

Жүрөгүн бүт алоолонтуп,
Оттой күйүп жана албаган,
Ал – сүйүүдөн бактысыз жан,
Ал – сүйүүдөн жарды адам.

## ТОКТО, МЕЗГИЛ

Азырынча, мезгил сенден ута албай,
Өткөн күндөн майин ыргак тута албай.
Мара көздөй максат улап келемин,
Аруу сезим, ырларымды тутамдап.

Жазайын деп ырдын шаасын көп издеп,
Тапсам дагы куп келишкен теңимди.
Жылдар жылып, жүрөк каным коротуп,
Күйүткө жык сарсанаада келдимби?

Же көктөмдөн эрте кетип калдымбы?
Жазга алаксып, көп элөөрүп алдымбы?
Кызыл көйнөк кыздар жакка көз багып,
Жанаарымда сени эстебей жандымбы?

Сапар тартып максаттарга алыскы,
Баратканда боло албастан сүрдүүрөөк,
Ойноп-ойноп чарчаган жаш баладай,
Кеттим бекен кечки шамда үргүлөп?

Бир чыгынсам киргил сууну тунутаар,
Карышкырды ач калтырып улутаар.
Мен дагы бир кулунумун элимдин,
Улуу жана тунук ойду сунуштаар.

Же Жолондой өз Меңдимди таба албай,
«Потенциал» деген ырды жаза албай,
Меңдеп келем. Жалын чачып алайын,
Токто, мезгип, болбочу эми сараң бай.

## ДОСКО

*(Б.З. га)*

Ааламдын алыскы бир түпкүрүнөн,
Ак жылдыз жылт деп жанып учкан сымал,
Ойлорду качан ишке ашырабыз,
Мээни көзөп, же ичте тынч жатпаган?

Сенде өзүнчө, менде өзүнчө жетилип,
Жүрөктөрдү демитип уктатпаган,
Ачыкка качан досум чыгарабыз,
Ойлорду Ата Журтка кызмат кылар?

Айтылгысы келсе да, айтыла элек,
Жазылгысы келсе да, жазыла элек.
Качан көрөт жарыкты ойлорубуз,
Ата-эненин моокумун бир кандырып?

Өчпөгөн шоола болоор каран түндө,
Сөздөрдү айтып алиге айтыла элек,
Дос, туугандын көңүлүн көтөрүүгө,
Колдор тийбей келатат, айтчы неге?

Баткендин баа жеткис өрүгүнүн,
Кеч күздөгү кырмызы баригиндей,
Калбайлычы тепселип, уйпаланып,
Быкшыган ойду айта албай куйкаланып.

## ЧЫДАГАН ЧЫГААН БОЛОТ

Айылда да, шаарда да, тоодо дагы,
Нашаа, аракка намысын алдыргандар.
Азайбастан кайрадан көбөйүүдө,
Жаандан кийин жанданган бабыргандай.

– «Жумуш жок, атасы да чүнчүп калды».
– «Баламдын патиңкеси түшүп калды».
– «Машак терип келатам талаа жактан,
Барайынчы, балдарым күтүп калды», –

Деген сөздөр оозунда аялдардын,
Жүдөгөн, түйшүк кыйнап жашап келген:
«Табылабы айкын жол, амал, айла,
Ташыркатпай алпарчу бейиш төргө?»

Эл жадады жалдырап бүжүрөгөн,
Мажирөө, жалкоо мүнөз адамдардан.
Бутунун башын тиктеп, тартынчаактап,
Буулугуп араң чыккан саламдардан.

Өнөрүңө өжөрлүк кошот өнөр,
Кайратыңа кашкөйлүк кошот кайрат.
«Чадыганың чыгаансың», – дейт бул заман,
Максатчанга акыры келет оомат.

## ЭМНЕ ЖАМАН?

Мезгилдин кан тамырын кармай калып,
Ырлар жазуу билгенге кандай кыйын.
Андан кыйын ак тилек, максат үчүн,
Жан үрөп толкундарды жеңип чыгуу.

Өзүңдүн кандайлыгың анык билбей,
Өзүңдү аскага уруу кандай жаман.
Андан жаман эл жүгүн көтөрө албай,
Уят болуп арабөк жолдо калган.

## КОШ КАНАТЫҢ КӨКӨЛӨТҮП УЧУРСУН!

«Баары адамдын мүнөзүнө жараша болот», – дейт эл. Сүйлөгөн сөзүң, күлгөнүң, баскан-турганың да мүнөзүңдүн күзгүсү дегеним, акын Тургунбай Жумаевдин ырларынан улам. Ал жигитти көптөн бери билем. «Сакадай бою – сары алтын» дегендин нак өзү. Токтоо, сабырдуу, маин, анан терең. Терең демекчи, шашпай, маани-маңыз менен сүйлөп, уккан кулакты жибитип, муюта, ынандыра билет. Жай, иримчиктеп, терең аккан сууга окшогон Тургунбай акын.

Ошол оор-басырык, тереңдик уюган мүнөзү ыр саптарына айныбай көчөт да, өтөт. Качан көрсөң ака деп көңүлүңдү жибите, ак жуумал жүзү жарк этет. «Көңүлү таза, ичи кең адам карыбайт», – дейт журт. Аны көрүп жүргөн адам өткөн жылдарын эсине албай эле, Тургунбайды жаш деп эсептей берет. Кечээки эле бала Тургунбай бүгүн 50 жаштын сыйлуу төрүнө өтүптүр. Эми бир жерлерге мейман-изгерчиликке барып калса, андан кыйла жаштагылар: «Тургунбай ака, төргө өтүң!» – дешээр кадыр-кыймат жашка жетип келиптир.

«Адам өзүнөн жашты көрүп, жашы өтө баштаганын билет» деген накыл сөз бар. Анан «Эр ортону элүүгө кириптир, эмне иш жасаптыр?» деген да сөзү бар, баамчыл элдин. Анын сыңарындай 50гө кирген Тургунбай не иштерди жасоого үлгүрдү экен? Же «өз очогунун отун жагып, күлүн чыгарып жүрүп» күн, түндөрү өттүбү?

Билгенге Тургунбай кыйла иш өрөп, сынчыл элдин сынынан өткөн жигит. Ошо токтоо мүнөзү менен кезинде Оштогу айтылуу мугалимдер институтунда окуп, эне тил, адабияты мугалими адистигине ээ болгон. Канча жылдар мектептерде мугалим болуп, окуучулардын көзүн ачып, көкүрөктөрүн ойготкон. Он жылга жакын Самаркандек орто жана гимназия мектебинин директору болуп, мектеп рефор-

*масы, окутуу жана тарбиялоону заманбап ыргакка келтирүүгө күчүн жумшаган. Баткен райондук билим берүү бөлүмүндө нускоочу, инспектор, башчынын орунбасары кызматын өтөгөн. Ушул тапта билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин райондук комитетинин төрагасы. Өтөгөн кызматы үчүн Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин Ардак Грамотасы ыйгарылган. «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы» болууга татыган.*

*Тургунбайдын турмушта сызып учкан канатынын бири жаштарга билим берүү болсо, бир канаты акындык ынтызарлык. Ыр жазуу анын балалык максат-кыялдары менен бирге жашап, акындардын ырларын түшүнө окуу менен эрезеге жеткен. Ырлары гезит - журналдарга жарыяланып калса сүйүнүп, ыр дүйнөсүнүн сыйкырына ого бетер үңүлө берген. Көп изденип, көп түйшүк тарткан. Бөтөнчө Тургунбай махабат темасында жеңил жазып, окурманды эргитер ыр саптарын жаратаарын көрсөттү. Аны билген, тааныган замандаштары махабат акыны деп сыймыктана аташат.*

*«Дене бойду титиретип, какшатып,*
*Ысык-суукка салып өңдөн簡 аздырды.*
*Көкүрөктү тим койбостон кытыктап,*
*Кыялдантты, аппак ырлар жаздырды», –*

*– дейт ыры менен махабатты ширелткен акын.*

*Тургунбайдын жалаң махабат саптарынан турган «Кумар көз» аттуу жыйнагы окурмандардын көңүлүнө жагып, сүйүп окуган китепчесине айланды. Ушул жыйнагы Курбаналы Сабыров атындагы сыйлыктын лауреаттыгына татыды.*

*Бүгүн кош тизгинди бир кармаган Тургунбай Жумаев 50 жаштын эгизине чыгып, кишилик күүсү күчүндө, чыгармачылык эргүүсү чыңалып турган чагы.*

*Биз инибизге: «Кош канатың менен узак-узактарга уча бер!» – демекчибиз.*

***Аскар РАЖАБАЛИЕВ,***
*жазуучу, журналист.*
*(Баткен облустук «Баткен таңы» гезитинин 2004-жылдын 3-февралындагы № 6 –7 сандарынан алынды).*

# МАЗМУНУ

Ширин шиңгилдериң, мөлтүрөй берсин! .............................. 5

Обондуу ырлар .............................................................. 7

Сен бар үчүн аман турат бул дүйнө .................................... 13

Махабатым – жылдызым оттой жанган ................................. 57

Балдар менен өткөн өмүр – гүл өмүр ................................. 63

Кош канатың көкөлөтүп учурсун! ........................................ 78

*Көркөм-адабий басылма*

**Тургунбай Жумаев**

**СЕН БАР ҮЧҮН**

*Ырлар*

*Редактору* ***Жакин Теңирбергенова***
*Техн. редактору* ***Жумагүл Сооронкулова***
*Компьютерде даярдаган* ***Байыс Жанызакова***

Терүүгө 10.06. 2004-жылы берилди. Басууга 10. 09. 2004-жылы кол коюлду. Форматы 84x108 $^1/_{32}$. Көлөмү 5 б.т.. Офсеттик кагаз. Нускасы 1000 даана. Заказ № 209.

«Бийиктик» басмасы, Бишкек шаары, Киев көч., 77,
тел. 66-75-58, 66-75-54.